**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ТАРЫХ

## Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5–11-класстары үчүн ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

**БИШКЕК – 2023**

**ТАРЫХ: Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5–11-класстары үчүн предметтик стандарт.** – Б. – 57 б.

**ИШТЕП ЧЫГУУЧУЛАР:**

**Иманкулов М. К.,** п.и.к., доцент, Кыргыз билим берүү академиясы, социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын башчысы (иштеп чыгуучулар тобунун жетекчиси).
**Элебесова А. Б.,** п.и.к., Кыргыз билим берүү академиясы, социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери.
**Бообек уулу Б.,** Кочкор районундагы Шапак Рысмендеев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин директору.
**Темиралиева А. А.,** Бишкек ш. № 93-орто жалпы билим берүү мектебинин тарых мугалими.
**Черкасова О. П.,** Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы А. С. Пушкин атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарых мугалими.
**Эралиева М. С.,** Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Азиз Салиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары, тарыхчы.

**РЕЦЕНЗЕНТТЕР:**

**Алымкожоев Өмүрбек Жумадилович** — ага окутуучу, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети, Тарых жана чөлкөм таануу факультети. Маевка орто мектебинин тарых мугалими.
**Бедельбаев Аскарбек** — тарых илимдеринин кандидаты, доцент. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети, Тарых жана чөлкөм таануу факультети, Кыргызстан тарыхы кафедрасынын профессору.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5–11-класстарында билим берүүнүн (окутуу орус, кыргыз, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн) «Тарых» боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыкты.

Предметтик стандарт жалпы билим берүү уюмдарынын бардык типтери жана окуучуларды өнүктүрүү деңгээлдери үчүн милдеттүү болуп саналат. Окутуунун негизги баскычында бирдей ийгиликтүү шарттардын камсыз болушуна кепилдик кылат.

Предметтик стандарт жалпы билим берүү уюмдарынын 5–11-класстары үчүн тарых боюнча окуу пландарын жана окуу-методикалык комплекстерин иштеп чыгууга негиз болот.

1. Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын ____-_____________ № ____-токтому менен жактырылды жана бекитүүгө сунушталды.
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын ____-_____________ № ____-токтому менен бекитилди.
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 20____-жылдын ____-_____________ № ____-токтомун алмаштыруу менен ишке киргизилди.

# МАЗМУНУ

**1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР** ........ 4
1.1. Документтин статусу жана түзүмү ........ 4
1.2. Жалпы билим берүү уюмдары үчүн негизги ченемдик документтердин системасы ........ 4
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер ........ 5
**2-бөлүм. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ** ........ 10
2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери ........ 10
2.2. Тарых предметин түзүүнүн методологиясы ........ 12
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр ........ 17
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы ........ 19
2.5. Мазмундук линиялар; окуу материалдарын мазмундук линиялар жана класстар боюнча бөлүштүрүү ........ 21
2.6. Предметтер аралык байланыштар, өтмө тематикалык линиялар ........ 23
**3-бөлүм. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО** ........ 31
3.1. Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана класстар боюнча) ........ 31
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери ........ 41
**4-бөлүм. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР** ........ 43
4.1. Окутуу методикасына коюлган негизги талаптар ........ 43
4.2. Предметтик стандарттын талаптарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары ........ 43
4.3. Мотивациялоочу (шыктандыруучу) жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү ........ 44

# 1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5–11-класстарында тарыхый билим берүү боюнча «Тарых» предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92-Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу 2022-жылдын 25-июлундагы № 69-Жарлыгына ылайык), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393-токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын» негизинде иштелип чыкты. Предметтик стандарт бул предметти билим берүү уюмдарында окутуунун негизги багыттарын аныктайт.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5–11-класстарында тарыхый билим берүү боюнча «Тарых» предметтик стандарты — окуучулардын билимдерди өздөштүрүү жыйынтыктарын, аларга жетүүнүн жана өлчөөнүн жолдорун предметтин чегинде жөнгө салуучу документ.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5–11-класстарында тарыхый билим берүү боюнча «Тарых» предметтик стандартында көрсөтүлдү:

- жалпы билим берүү уюмдарынын 5–11-класстарында тарыхый билим берүү боюнча «Тарых» предметин окутуунун максаттары жана милдеттери;
- предметтик компетенциялардын тизмеси;
- предмет боюнча билим берүүнүн натыйжалары;
- натыйжаларга баа берүүнүн негизги принциптери жана ыкмалары;
- окутууга коюлган уюштуруу-методикалык талаптар.

Бул предметтик стандарт окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу-методикалык комплекстерин иштеп чыгууда, ошондой эле негизги жана орто жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жетишкендиктерин баалоодо жетекчиликке алынууга тийиш.

## 1.2. Жалпы билим берүү уюмдары үчүн негизги ченемдик-укуктук документтердин системасы

Бул стандарт төмөнкү ченемдик документтерге негизделген:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган.
- Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын № 9-Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу 2022-жылдын 25-июлундагы № 69-Мыйзамынын редакциясына ылайык);
- 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы;
- 2021–2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200-токтому);
- Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы;

- ➢ Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393-токтому менен бекитилген);
- ➢ 2021–2026-жылдарга Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясы;
- ➢ «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери». КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201-токтому менен бекитилген (КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы № 295-токтомунун редакциясына ылайык);
- ➢ «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин маселелери жөнүндө» КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы № 72-токтому менен бекитилген (КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 26-апрелиндеги № 172-, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 18-августундагы № 144-, 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 248-, 2022-жылдын 12-августундагы № 455-токтомдорунун редакцияларына ылайык);
- ➢ «Жалпы билим берүү уюмдарында билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июну № 295-токтому менен бекитилген (КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-январындагы № 12-, 2021-жылдын 5-мартындагы № 72-токтомдорунун редакцияларына ылайык);
- ➢ «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. 2008-жылдын 4-августу № 184. (Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 14-июлундагы № 97-Мыйзамы боюнча редакциясына ылайык);
- ➢ О применении руководства по безопасным закупкам и финансированию безопасной образовательной среды для образовательных организаций КР. Инструктивное письмо Министерства образования и науки КР №10-2/2161.

### 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Предметтик стандарттагы негизги түшүнүктөр жана терминдер төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

**Баа** — окуучуларды баалоонун натыйжаларын сандык жана сапаттык чагылдыруу.

**Баалоо** — окуучулардын этикалык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө, турмуштук зарыл болгон компетенттүүлүктөргө ээ болуусуна багытталган таанып билүү ишмердүүлүгүн өлчөө, чечмелөө жана талдоо, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында бул ишмердүүлүктүн Мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык келүүсүн аныктоо үчүн окуучулардын, мугалимдердин, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) кайтарым байланышын жүзөгө ашыруу процесси.

**Билим берүүдөгү инклюзия** — мектеп маданиятын, саясатын жана практикасын айрым окуучулардын ар кандай муктаждыктарын канааттандыруу үчүн трансформациялоо зарылдыгын таануу жана бул мүмкүнчүлүккө болгон тоскоолдуктарды жоюу милдеттенмеси.

**Гендер** — бул аялдар менен эркектердин социалдык ролуна негизделген аныктама. Бул аялдардын жана эркектердин биологиялык өзгөчөлүктөрү эмес. Гендер коом тарабынан аялдарга жана эркектерге алардын коомдук жана жеке жашоосунда ыйгарылган милдеттердин, функциялардын жана ролдордун түшүнүгү менен аныкталат.

**Гендердик тарбия берүү** — аялдардын, эркектердин социалдык жүрүм-турумун жана турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндөгү мамилелерин аныктоочу маданий

мүнөздөмөлөрдүн жыйындысын калыптандыруу максатында балага таасир этүүнүн комплекстүү процесси.

**Гендердик дискриминация (басмырлоо): тике, кыйыр** — адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын жыныстык белгилери боюнча чектөө; саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же коомдук турмуштун башка тармактарында эркектер менен аялдардын тең укуктуулугун таанууну, пайдаланууну же жүзөгө ашырууну алсыратууга же ажыратууга багытталган.

**Гендердик стереотиптер** — бул белгилүү бир коом үчүн белгилүү бир мезгилде туруктуу болгон эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө түшүнүктөр.

**Глобалдык жарандык** — бул дүйнөлүк масштабда глобалдуу ой жүгүрткөн инсандардын жана жамааттардын социалдык, саясий, экологиялык жана экономикалык иш-аракеттерин жалпылаган термин; бул биз дүйнөнүн бир бөлүгү экенибизди жана ар бирибиз дүйнөнү жакшы жакка өзгөртүүгө жөндөмдүү экенибизди түшүнүү. Туруктуу өнүгүү үчүн глобалдуу жарандыкты илгерилетүү адамдарга өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарын гана эмес, коомдук кызыкчылык үчүн дагы аракет кылуу үчүн социалдык жоопкерчиликти өзүнө алууну шарттайт.

**Глобалдык компетенттүүлүк** — бул төмөнкү глобалдык компетенцияларды камтыган көп кырдуу жөндөмдүүлүк: глобалдык жана маданияттар аралык маселелерди изилдөө, ар кандай дүйнө таанымдарды жана көз караштарды түшүнүү жана баалоо, башкалар менен ийгиликтүү жана сый мамиледе болуу, жамааттык бакубаттуулук жана туруктуу өнүгүү үчүн чараларды көрүү.

**Глобалдык компетенциялар** — бул белгилүү бир көндүмдөр эмес, бул башка маданий чөйрөгө таандык адамдар менен жеке же виртуалдык өз ара иш-аракеттенүүдө жана глобалдык маселелерди чечүүдө инсандардын катышуусунда ийгиликтүү колдонулуучу билимдердин, көндүмдөрдүн, көз какраштардын, мамилелердин жана баалуулуктардын жыйындысы (т.а. адамдан улуттук чек аралары жок, азыркы жана келечек муундардын жашоосуна таасир эткен проблемаларды түшүнүүнү талап кылган кырдаалдарда).

**Диагностикалык баалоо** — окуучунун компетенциясынын калыптануу прогрессин баалоо үчүн анын баштапкы деңгээлин аныктоо процесси.

**Дискриминация** — бул ар кандай социалдык топтор жөнүндө стереотиптик түшүнүктөргө негизделген жана алардын өкүлдөрүнүн укуктарын жана эркиндиктерин чектөө менен, адамдарга карата алардын расасына, өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка көз карашына, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк абалына, кайда туулгандыгына же башка абалына негизделген бирдей эмес мамиле.

**Долбоордук ишмердүүлүк** — мектеп окуучуларынын таанып билүү, билим алуу, изилдөө жана чыгармачылык ишмердүүлүгү; анын натыйжасында коюлган максаттар жана милдеттердин чечилет жана ал толук материал түрүндө даярдалат.

**Долбоордук окутуу** — окуучулардын натыйжага багытталган когнитивдик (таанып билүүчүлүк), аффективдик (эмоциялык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердүүлүгүн уюштурууну, практикалык же теориялык жактан маанилүү маселени чечүүчү өз алдынча жана топтук иш-аракеттери аркылуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуучу педагогикалык технология.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** — окуучулардын окуунун натыйжаларына жетишүү даражасын аныктоо, алар баа белгиси менен көрсөтүлөт. Суммативдик баалоо учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу болот.

**Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү** — бул балдар үчүн жеткиликтүү жана ар кандай деңгээлдеги өз алдынчалыктын изилдөө ыкмаларын колдонуу менен изилдөөлөрдү же анын бир бөлүгүн ишке ашырууга багытталган окуучулардын атайын уюштурулган чыгармачылык таанып билүү ишмердүүлүгү.

**Инклюзивдик билим берүү** — бардык окуучулар, физикалык, психикалык, интеллектуалдык жана башка өзгөчөлүктөрүнө карабастан, жалпы билим берүү системасына киргизилген жана алар майыптыгы жок курдаштары менен бирге жашаган жери боюнча

жалпы билим берүүчү уюмдарда (мектеп, гимназия, лицей) алардын өзгөчө билим алуу муктаждыктарын эске алуу жана атайын колдоо көрсөтүү менен билим берүү жана тарбиялоо процесси.

**Инклюзивдик мамиле** — социалдык жана физикалык чөйрөнү баардыгы үчүн бирдей ак ниеттүү жана жеткиликтүү болууга тийиш болгондой өзгөртүү.

**Инклюзия** ( inclusion – тартуу, кошуу) — бардык жарандардын, биринчи кезекте физикалык өнүгүүсүндө кыйынчылыктары барлардын социумга (коомго) аралашуу даражасын жогорулатуу процесси.

**Интеграция —** окуучулардын дүйнөнү бүтүндөй кабыл алуусун калыптандырууга жана негизги компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган айрым предметтердин, билим берүү чөйрөлөрүнүн, бүтүндөй билим берүү процессинин алкагында мазмундун түзүмдүк компоненттеринин ортосундагы байланыштарды түзүү жана өз ара аракеттенүүнү камсыздоо процесси.

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** — окутуу процессиндеги баалоо, анда мугалимдер окуучулардын белгилүү бир окуу натыйжасына жетүү процессинде кандай деңгээлде экендиктери, алар кайсы жерде кыйынчылыктарга дуушар болуп жатышкандыгы, таанып билүү жана окуу процессин жакшыртуу үчүн мугалим менен окуучу кандай кадамдарды жасаштары керектиги жөнүндө маанилүү маалыматтарды беришет.

**Киберкоопсуздук** — бул маалыматтардын купуялуулугун, бүтүндүгүн жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн коопсуздук чараларын колдонуу процесси.

**Компетенттүүлүк** — адамдын белгилүү бир кырдаалда (окуу, жеке жана кесиптик) билимдердин жана көндүмдөрдүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга интеграцияланган жөндөмү;

**Компетенция** — окуучунун белгилүү бир чөйрөдөгү натыйжалуу үзүрлүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон билим алуу даярдыгы үчүн алдын ала белгиленген социалдык талап (ченем).

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү** — бул окуучуларга зыяндуу же коркунучтуу факторлордун таасири жокко чыгарылган, же алардын таасиринин деңгээли белгиленген стандарттардан ашпаган окутуу шарттарын камсыз кылган чөйрө.

- *Физикалык коопсуздук* коопсуз имараттарды, курулуштарды, күзөттүк кайтарууну, инфраструктураны, антитеррордук коопсуздукту билдирет.
- *Экологиялык коопсуздук* коопсуз тамактануу, гигиена жана санитария, эмеректердин, жабдуулардын сапаты, имарат ичиндеги климат, жарыктандыруу жана билим берүү уюмдарынын химиялык булгануу тобокелдиктерин жоюу маселелерин жөнгө салууну камтыйт.
- *Психологиялык коопсуздук* зомбулуктун ар кандай түрүнүн көрүнүштөрүн болтурбоо, жынысына, расасына, социалдык тегине, динине, ден соолук абалына жана башка факторлорго карабастан инсандын өнүгүүсүнө көмөктөшүүчү толеранттуу, достук чөйрөнү уюштурууну, ошондой эле зыяндуу маалыматтардын таасиринен коопсуз болууну камтыйт.
- *Маалыматтык коопсуздук* инсандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруудан, жеке коопсуздукту камсыз кылуудан, жашоонун сапатын жана деңгээлин жогорулатуудан, физикалык, руханий жана интеллектуалдык өнүгүүдөн, адамдын психикасына жана социалдык-маданий өнүгүүсүнө маалыматтык таасири аркылуу ар кандай социалдык субъектилер жана коомдун маалыматтык чөйрөсүнөн келип чыккан коркунучтардан турган негизги кызыкчылыктарын коргоону камтыйт.
- Окуучулар үчүн сабактардын ортосундагы тыныгууларда жана сабактан тараган учурлардагы *коопсуз жүрүм-турум эрежелерин билүү жана сактоо*.

**Критерийлик баалоо** — окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин так аныкталып, жамааттык түрдө иштелип чыккан, билим берүү процессинин бардык катышуучуларына алдын ала белгилүү болгон, билим берүүнүн максаттарына жана мазмунуна туура келген,

билим берүүнүн компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга негизделген критерийлер менен салыштырууга негизделген баалоо.

**Кыргыз жараны** — бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны. Кыргыз жараны өлкөнүн аталышы болгон — «Кыргыз Республикасы» аталышынан келип чыгат жана өздөрүнүн этномаданий бирдейлигин сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат.

Өзүн Кыргыз жараны деп таануу үй-бүлө, коомчулук жана мамлекет тарабынан билим берүүнүн, маданияттын, үй-бүлө жана коом тарабынан калыптандырылуучу инсанды тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн бөлүгү болууга тийиш. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасында мамлекеттик тил жарандарды бириктирүүнү камсыздоочу негизги өбөлгө болуусу зарыл.

**Медиа сабаттуулук** — маалымат гигиенасы, медиа продуктуларды түзүү жана аларга талдоо жүргүзүү.

**Негизги компетенттүүлүктөр** — социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылуучу жана окуучулардын коомдук тажрыйбасына негизделген көп функциялуу жана метапредметтик билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы;

**Окутуу** — окуучулардын билимге, билгичтикке, көндүмдөргө жана компетенттүүлүктөргө ээ болуу, билимди күнүмдүк жашоодо колдонуу тажрыйбасын топтоо жана алардын өмүр бою билим алуусуна түрткү берүүчү иш-аракеттерди уюштуруунун максатка багытталган процесси;

**Окутуу технологиясы** — бул мугалим менен окуучунун өз ара иш-аракеттеринин модели. Ал максаттарды (окутуунун натыйжаларын) так жана конкреттүү коюуну жана аларга натыйжалуу жетишүүнү камсыз кылган окутуу методдорун жана ыкмаларын колдонууну камсыз кылат. Окутуу технологиясы мугалим менен окуучулардын конструктивдүү өз ара иш-аракеттерин камсыз кылган таанып билүү ишмердүүлүгүнүн стратегияларына негизделет.

**Өзгөчө кырдаал (ӨК)** — адамдын ден соолугуна залалын тийгизүүчү оорунун жайылышынын, же адамдын өлүмгө учурашы мүмкүн болгон же айлана-чөйрөгө зыян келтирүүчү табигый коркунучтун, кыйроонун, же башка кырсыктын натыйжасында белгилүү бир аймакта түзүлгөн кырдаал.

**Өзүн-өзү баалоо** — бул адамдын жүрүм-турумун жана ишмердүүлүгүн, анын инсандыгынын жана башка адамдар арасындагы иш-аракетинин маанилүүлүгү жөнүндө түшүнүктөрүн, өзүн, өзүнүн күчтүү жана алсыз жактарын, сапаттарын жана сезимдерин баалоону жөнгө салууга катышуучу инсандык жаңылануу процесси.

**Өзүн-өзү жөнгө салуу** — ишмердүүлүктүн аң-сезимдүү максаттары, маанилүү шарттардын модели, иш-аракеттердин программалары, натыйжаларды баалоо жана оңдоо сыяктуу компоненттерден турган өз иш-аракеттерин жана жүрүм-турумун өз ыктыяры менен башкара билүү.

**Өзүн таануу** — бул өз алдынча окууга жана өз алдынча түшүнүүгө багытталган процесс. Бул процесс адам өзүн жана аны курчап турган дүйнөнү түшүнүшү үчүн керек.

**Өндүрүмдүү өз ара иш-аракет** — бул өз ара түшүнүшүүгө жана бири-бирине колдоо көрсөтүүгө негизделген жана жеке жана топтук олуттуу өзгөрүүлөргө жетишүүгө алып баруучу, максаттуу, макулдашылган баарлашуунун, жүрүм-турумдун жана инсанга багытталган ишмердүүлүктүн системасы.

**Предметтик компетенттүүлүктөр** — айрым предметтердин билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндөгү материалдын негизинде аныкталуучу компетенттүүлүктөр;

**Предметтик стандарт** — окуучулардын билим алуусунун натыйжаларын, аларга жетүүнүн жолдорун жана предметтин алкагында өлчөнүшүн жөнгө салуучу документ;

**Профилдик окутуу** — жогорку класстардагы окутуу окуучулардын кайсы кесипке кызыга тургандыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн эске алууга мүмкүнчүлүк берүүчү ар кандай программалар (профилдер) боюнча жалпы орто билим берүүнү уюштуруу тутуму;

**Социалдык-эмоциялык өнүгүү** — окуучулардын өзүнө, башка адамдарга, курчап турган дүйнөгө аң-сезимдүү эмоциялык оң мамилесин, өзүнүн жана башкалардын эмоциялык абалына жараша мамиле кылуу жөндөмдөрүн, ошондой эле коомдо социалдык маанилүү жүрүм-турум көндүмдөрүн максаттуу өнүктүрүү;

**Тарбиялоо** — адамдын, үй-бүлөнүн, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгында коомдо кабыл алынган жүрүм-турум эрежелеринин жана ченемдеринин социалдык-маданий, руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарынын негизинде окуучунун инсандык өнүгүүсүнө, өзүн өзү аныктоосуна жана социалдашуусуна шарттарды түзүүгө багытталган ишмердүүлүк;

**Тереңдетип окутулуучу предметтер** — гимназиялардын/лицейлердин багыттарын аныктоочу жана окуучулардын тандоосу боюнча окутулуучу милдеттүү окуу предметтери же элективдик, профилдик курстар;

**Туруктуу өнүгүү** — ресурстарды пайдалануунун модели, адамдар менен жаратылыштын өз ара аракеттенүүсүнүн модели; мында азыркы муундун турмуштук зарыл керектөөлөрүн айлана-чөйрөнү коргоо, инсандык жана коомдук саламаттыкты чыңдоо аркылуу канааттандыруу жана келечек муундарды ушундай мүмкүнчүлүктөрдөн ажыратпоо менен жүзөгө ашырылат.

**Финансылык сабаттуулук** — бул өзүнүн каржылык каражаттарын сарамжалдуу башкаруу, инсандын жана коомдун финансылык бакубаттуулугун жогорулатуучу, ошондой эле экономикалык турмушка аралашуу мүмкүнчүлүктөрүн шарттоочу базалык экономикалык көндүмдөргө ээ болуу.

**Функционалдык (иш-милдеттик) сабаттуулук** — окуу процессинде алынган билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү адамдын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуунун жана коомдук мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүндө тажрыйбалык жана турмуштук маселелерди чечүүдө колдоно билүү.

**Экологиялык коопсуздук** — айлана-чөйрөнүн жана адамдын турмуштук маанилүү кызыкчылыктарын мүмкүн болуучу терс антропогендик жана табигый таасирлерден, табигый жана техногендик өзгөчө кырдаалдардан жана алардын кесепеттеринен корголгон абалы.

**Экосистема** — бардык тирүү организмдерди, ошондой эле алардын жаратылыш менен жана өз ара аракеттенүүсүн бириктирип турган система.

## 1-бөлүм. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

### 2.1. Тарыхты окутуунун максаты жана милдеттери

Мектептик билим берүүнүн фундаменталдуу милдеттеринин бири дүйнөгө өз ара байланыштагы бирдиктүү бир бүтүндүк катары көз карашты калыптандыруу болгондуктан, «Тарых» предметинин өзөгүн адам проблемасы, анын дүйнөгө болгон цивилизациялык баалуулук мамилеси жана «адам – коом – цивилизация» тутумундагы окуу ишмердүүлүгү түзөт.

***Мектептик тарыхый билим берүүнүн башкы максаты*** — окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, көп түрдүү, тез өзгөрүлмө дүйнөдө улуттук нарктык-насилдик, адеп-ахлактык жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде, жарандык позицияга ээ болгон, мекенчил, гумандуу көз караштагы, туруктуу өнүгүүгө жана өмүр бою билим алуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө керектүү болгон тарыхый билимдерге, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болгон, өзүн «Кыргыз жараны» катары иденттештирген инсанды калыптандыруу.

***Мектептик тарыхый билим берүүнүн негизги милдеттери:***

**Когнитивдик (таанып билүү) чөйрөсүндө:**

– азыркы дүйнөдөгү көрүнүштөрдүн жана процесстердин тарыхый шартталгандыгын түшүнүү, алынган тарыхый-социалдык маалыматты сынчыл анализдөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

– адамзаттын тарыхый өнүгүү жолу жана тажрыйбасы тууралу базалык билимдерин калыптандыруу, аларды анализдөөдөгү социалдык тажрыйбасын кеңейтүү;

– окуучуларда тарыхый окуялардын көп түрдүүлүгү жана алардын азыркы дүйнөгө таасири тууралуу элестөөлөрүн камсыз кылуу;

– окуучуларды ар түрдүү өлкөлөрдүн жана элдердин тарыхый өнүгүүсүнүн темпине, мүнөзүнө жана өзгөчөлүктөрүнө таасир эткен факторлорду аныктоого, себептик-натыйжалык байланыштарды табууга үйрөтүү;

– илимий маалыматтарды табуу, тарыхый материалдар менен иштөө, фактыларды, версияларды, баалоолорду, өнүгүүнүн альтернативаларын жана тарыхый маалыматтардын булактарынын өзүн салыштыруу, өткөндү баалоодо өз аргументтерин тизмектөө ыктарын калыптандыруу;

– ар кандай ишмердүүлүк (жеке жана жамааттык) тажрыйбасын, таанып билүү жана өзүн таануу ***тажрыйбаларына ээ болуу***;

– индивидуалдуу билим берүү же кесиптик траекториясын аң-сезимдүүлүк менен тандоону ишке ашырууга ***даярдоо***.

– окуучуларда тарыхыйлуулук принцибин жана социалдык-сынчыл ой жүгүртүүнүн негиздерин, жетекчиликке алып, өткөндөгү жана азыркы учурдагы окуяларга жана көрүнүштөргө талдоо жүргүзө билүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү;

– окуучуларда тарыхый билимдерин азыркы учурдагы көп маданияттуу коомдо адамдар менен өз ара мамиле түзүүдө колдоно билүү ыкмаларын калыптандыруу.

**Жүрүм-турумдук чөйрөдө:**

– курчап турган реалдуулукка карата өз позициясын аныктоо, аны тарыхый жактан калыптанган көз караштык системалар менен салыштыруу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

– окуучулардын жарандуулук, эмгекчилдик, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо, айлана-чөйрөнү, Ата Мекенди, үй-бүлөнү сүйүү сезимдерин тарбиялоо;

– өз элинин тарыхын, анын дүйнөлүк маданияттын ажырагыс бөлүгү катары көп кылымдык маданиятынын уникалдуулугун билген жана кадырлап-барктаган, Ата Мекенинин тарыхый тагдыры үчүн өз жоопкерчилигин жан жүрөгү менен туюп-сезген аң-сезимдүү патриотторду тарбиялоо;

– башка элдердин өткөн доорлордогу тарыхына, маданиятына толеранттуу мамилесин калыптандыруу;

– окуучуларда өз Ата Мекени үчүн сыймыктануу сезимин, «Кыргыз Жараны» жалпы жарандык иденттүүлүктү жана этностор аралык толеранттуулукту калыптандыруу;

– тарыхый билимдердин негизинде таптык, же партиялык таламдардан жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктардын артыкчылыгын түшүнгөн инсанды калыптандыруу;

– окуучуларды эмгекчилдикке, эмгектенүүгө даяр болууга, эмгек адамдарын урматтоого тарбиялоо;

– окуучуларда тең укуктуу мамилелердин жана өз ара урматоонун негизинде диалог жүргүзүү, конфликттерди конструктивдүү маанайда чечүү ыктарын калыптандыруу;

– башка элдердин өткөн тарыхына, маданиятына толеранттуу мамиле жасоо, гуманизмдин идеяларын кабылдоо, адам укуктарын урматтоо мамилесин калыптандыруу;

– окуучулардын чыгармачыл таанып билүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон инсандык интеллектуалдык сапаттарын калыптандыруу;

– практикалык маселелерди чечүүдө баарлашуу жана кызматташуу үчүн, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана чыр-чатактарды оң чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;

– табигый жана социалдык чөйрөдө ден соолукту сактоочу жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү;

– реалдуу турмуштук маселелерди чечүү үчүн алынган билимдерди жана көндүмдөрдү пайдаланууга көмөктөшүү;

– өзүн таануу ыкмаларын иштеп чыгууну, алардын физикалык, эмоциялык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана чектерин шайкеш баалоону камсыз кылуу;

– коркунуч туулган учурларда, анын ичинде, өзгөчө кырдаалдарда коопсуз жүрүм-турумдун алгоритмдерине ээ болууну камсыз кылуу;

– окуу ишмердүүлүгүн өз алдынча пландаштыруу жана ишке ашыруу көндүмдөрүн калыптандырууну жана башка окуучулар жана мугалимдер менен окуу кызматташтыгын уюштурууну шарттоо;

– табигый жана коомдук көрүнүштөргө байкоо жана изилдөө жүргүзүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

**Аффективдик (эмоциялык-баалуулук) чөйрөдө:**

– улуттук жана жалпы адамзаттык тарыхый-маданий баалуулуктарды урматтаган, жаратылыштын эскирбес баалуулуктарын жана айлана-чөйрөнү коргоо зарылдыгын аңдап билген, адептик сапаттарга ээ болгон, бирдиктүү мамлекетке интеграциялануугa, өзүн «Кыргыз жараны» катары идентификациялоого көмөктөшүү;

– окуучуларда өткөндөгү жана азыркы учурдагы коомдун жана адамзаттын социалдык, руханий жана адептик тажрыйбасына ой жүгүртүү аркылуу окуучулардын баалуулук багыттарын жана ынанымдарын калыптандыруу;

– көз караштык мамилелердин түрдүүлүгүн эсепке алуу менен, окуучулардын ой-пикирди жана ишенимди эркин тандоо укугун жүзөгө ашыруу, окуучуларды гуманисттик жана демократиялык баалуулуктарга багыттоо.

– окуучуларды окуу ишмердүүлүгүндө өз алдынчалыкка тарбиялоо, сабактан тышкаркы маалымат булактарынан өз билимин өз алдынча толуктоо жана ар кандай тарыхый булактарга сын көз менен баа берүү жөндөмүн өнүктүрүү;

– окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү жана таанып билүүчүлүк жигердүүлүгүн арттыруу;

– окуучулардын илимге, искусствого кызыгууларын арттыруу, саясий жигердүүлүктөрүн өнүктүрүү, гуманисттик жана демократиялык баалуулуктарга багыттоо.

– окуучулардын жарандык, этноулуттук, социалдык, маданий чөйрөдөгү иденттүүлүк багыттарын калыптандыруу;

– окуучулардын улуттук жана жалпы адамзаттык тарыхый-маданий баалуулуктарды урматтаган, жаратылыштын баалуулуктарын жана айлана-чөйрөнү коргоо зарылдыгын аңдап билген, адептик сапаттарга ээ болгон инсан катары идентификацияланышына көмөктөшүү;

– окуучуларда үй-бүлөнүн салттуу баалуулуктарын урматтоо мамилесин, табиятты сүйүү, өзүнүн жана башка адамдардын саламаттыгынын баалуулугун таануу, дүйнөнү кабылдоодогу оптимизмди калыптандыруу;

– социалдык-гуманитардык илимдер тарамдарында билим алууну андан ары улантуу үчүн зарыл болгон базалык концептуалдык аппаратты өздөштүрүүнү уюштуруу.

Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн негизги баскычы милдеттүү жалпы билим берүүнүн жыйынтыктоочу этабы болуп саналат. Ошондуктан бул баскычтагы билим берүүнүн мазмунуна коюлуучу негизги талаптардын бири — бүтүрүүчүлөрдүн математикалык, табият таануулук жана социалдык-гуманитардык билимдер боюнча заманбап коомдо талап кылынган ***функционалдык (иш-милдеттик) сабаттуулук*** деңгээлине жетиши.

Негизги мектептин эң маанилүү милдеттеринин бири окуучуларды турмуштук жана кесиптик жолду ***аң-сезимдүүлүк*** жана ***жоопкерчиликтүүлүк*** менен тандоого даярдоо болуп саналат. Бул милдетти ишке ашыруунун шарты билим берүүнү ***ырааттуу индивидуалдаштыруу***, негизги баскычтагы билим берүүнүн жыйынтыктоочу этабында ***профилдик билим берүүгө даярдоо*** болуп саналат.

Негизги баскычта окуучулар ***максаттарды өз алдынча коюуга*** жана ***ага жетүүнүн жолдорун аныктоого***, мектепте алган тажрыйбаны ***турмушта***, окуу процессинен тышкары учурларда колдонууга үйрөнүшү керек.

Негизги жалпы билим берүү бүтүрүүчүлөрдү ***милдеттүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан*** өткөрүү менен аяктайт. Предметтик стандарттын бүтүрүүчүлөрдү даярдоо деңгээлине карата талаптары мамлекеттик аттестациянын текшерүүчү-өлчөөчү материалдарын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

Негизги жалпы билим берүү баскычын ***аяктаган*** жана негизги мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн даярдык деңгээлине коюлган талаптарды толук аткарган окуучулар орто (толук) жалпы билим берүү баскычында, башталгыч же кесиптик орто билим берүү окуу жайларында окуусун улантууга укуктуу.

Тарыхый билим берүүнүн сапатынын критерийи: тарыхый реалдуулуктун образдарын анализдөө, түшүндүрүү, тарыхый көрүнүштөрдү баалоо көндүмдөрүнө ээ болуу, маалыматтарды издеп табуу жана анализдөө методдорун өздөштүрүү, азыркы маалыматтык технологияларды колдонуу менен байланышкан коммуникативдик көндүмдөрдү жана ыктарды өнүктүрүү менен айкалыштыруу, окуучуларга дүйнөгө карата азыркы көз караштарын, адамзат коомунун биримдиги жана көп түрдүүлүгү тууралуу элестөөлөрүн, түрдүү типтеги маалыматтарды сынчыл кабылдоо жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

### 2.2. Тарых предметин түзүүнүн методологиясы

Тарых предметинин орду жана ролу, анын таанып билүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрүн жана инсан катары нарк-насилдик, адеп-ахлактык көз караштарынын калыптанышына кошкон салымы менен шартталган. Ал окуучу жаштарда «Кыргыз жараны» жалпы жарандык идентүүлүктү, жарандык, мекенчилдик сезимдерин калыптандыруунун, улуттук коопсуздукту бекемдөөнүн жана эгемен кыргыз мамлекетинин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуунун маанилүү факторлорунун бири болуп саналат. Тарых окуу предмети катары азыркы билим берүү мейкиндигинин ажырагыс бөлүгү болуп, тарыхый эстутумдун жана аң-сезимдин калыптанышына шарт түзөт. Тарых предметин окуп үйрөнүү компетенттик мамилеге дал келүүгө тийиш.

Тарых предметин өздөштүрүүдө хронологиялык, өлкө таануучулук жана проблемалык принциптерге таянып, цивилизациялык мамилени колдонуу оптималдуу жол болуп саналат.

Цивилизациялык мамиле бир цивилизацияны экинчисинен айырмалап тургандарга, бир цивилизациянын ичинде, маданияттын (дин, искусство, мораль, укук, каада-салт, жашоо образы ж. б.) көп түрдүү формаларынан жана көрүнүштөрүнөн адамдарды бириктиргендерди, б.а., өз өлкөсүнүн, өзүнүн этникалык, диний, маданий жалпылыгын, негизги баалуулуктарын жана тарыхый тажрыйбасын өспүрүмдөрдүн кабылдоосуна,

алардын адамзат цивилизациясынын тарыхый жолунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүсүнө басым жасайт. «Тарых» предмети окуучуларга маданий чөйрөдө өзүн иденттештирүүгө, өзүн инсан катары адамзаттын социалдык тажрыйбасы менен салыштырууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет.

Стандарттын жаңылыгы негизги мектепте окуу курстарын түзүүнүн азыркы талаптарын, тажрыйбасын жана билим берүүнү модернизациялоонун келечектеги милдеттерин эсепке алуу менен байланышкан. Ал окуучулардын маалыматтык жана коммуникативдик маданиятын, окуучулардын жалпы жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу милдеттерин эсепке алуу менен модернизациялоого жетишүүдө турат. Тарых предметинин мазмумундагы темалардын олуттуу бөлүгү, азыркы илимий талаптарга ылайык өзгөртүлдү.

Негизги мектепте окуучулардын окуу жүктөмдөрүн кыскартуу предметтик темалардын (дидактикалык бирдиктердин) айрым бөлүктөрүн милдеттүү окуп үйрөнүүдөн баш тартуунун, тарыхый көрүнүштөрдүн маанилүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, материалдардын кайталануучулугуна жол берген, ири мазмундук блокторго негиденген окуу курстарынын кыйла тең салмакташтырылган структурасын түзүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

**Тарых предметинин базалык принциптери төмөндөгүлөр:**

– окуу предмети катары ***тарыхты окутуунун негизги максатына жана милдеттерине жетишүүгө багытталгандыгы***;

– ***системалуулук*** (компоненттердин ар бири башкалар менен өз ара аракетке келген учурда гана толук кандуу иштей алат);

– ***мазмундун, материалды баяндоонун формасынын жана окуу ишмердүүлүгүнүн окуучулардын жаш куррактык мүмкүнчүлүктөрүнө, муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына туура келиши***;

– курстардын ичиндеги (5–9-класстар жана 10–11-класстар) ***үзгүлтүксүздүк жана уланмалуулук принциби***, бул бирдиктүү мазмундук линия, ***окутууну уюштуруунун жалпы принциптери жана окуучуларда компетенттүүлүктөрдү ырааттуу калыптандыруу***;

– окуу маалыматтарынын илимий изилдөөлөрдүн негизги натыйжаларына дал келишин аныктаган ***илимийлүүлүк принциби***;

– азыркы мектептик билим берүүнүн ***демократиялуулук принциби***;

– окуучулардын ***өзүн жана азыркы коомду таанып билүү, жоопкерчиликтүү инсанды тарбиялоо жана өнүктүрүү принциби;***

– ***көп маданияттуулук принциби,*** окуучуларга өткөн муундар тарабынан иштелип чыккан улуттук жана жалпы гуманисттик баалуулуктарды өздөштүрүүнү камсыз кылып, көп маданияттуу коомдо жашоо жөндөмдүүлүгүн калыптандырат;

– ***толеранттуулук принциби:*** маданияттык көп түрдүүлүктү түшүнүүнү жана урматтоону, өзүнө жоопкерчиликти ала билүүнү, биргелешкен чечим кабыл алууга катышууну, ар кандай жаңжалдарды сүйлөшүү жолу менен жөнгө салууну камтыйт;

– жынысына, расасына ж.б. карабастан жарандын укуктарынын жана милдеттеринин теңдигин камтыган ***гендердик теңчилик принциби***;

– ***жашоо менен байланыш принциби*** жашоого зарыл болгон (алакалашуу ыктары, өз укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо ж.б.) ишмердүүлүктүн ыкмаларын өздөштүрүү аркылуу жүзөгө ашат;

– ***экологиялаштыруу принциби,*** жаратылышка аяр мамиле кылуу жаратылыштын маанисин аңдап туюу жана азыркы учурдун глобалдык көйгөйлөрүн түшүнүү аркылуу калыптанат.

– ***профилдүүлүк принциби*** тарыхты тереңдетип окуп үйрөнүү окуучуларды тарых менен илим катары, анын объектилери, структурасы, методдору, жетишкендиктери жана проблемалары менен тааныштырган вариативдик курстарды түзүү үчүн баштапкы позиция катары кызмат кылат. Булар атайын жана кошумча курстардын өнүккөн системасы, мектептик илимий коомдордун иштери аркылуу жетишилет. Мектептик илимий коомдун (МИК) гуманитардык секциясы тарыхый билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. МИКке катышуу аркылуу окуучулардын изилдөөчүлүк көндүмдөрү, чыгармачылык жана креативдик жөндөмдүүлүктөрү өнүгөт.

Төмөндөгү артыкчылыктуу билим берүүчү жана тарбиялык багыттар мектепте тарыхты **окутуунун методологиялык негиздерин** түзөт:

– Кыргызстандын тарыхын жана маданиятын ***Дүйнө тарыхы менен байланышта*** өздөштүрүү;

– ***жарандык коомдун баалуулуктары*** — укуктун жогорулугу, жарандык тилектештик, коопсуздук, эркиндик жана жоопкерчилик;

– ар бир баскычта өмүр бою ***үзгүлтүксүз билим алуу талаптарын калыптандыруу***;

– ***мультиперспективалык мамиле*** тарыхты баяндоодо жаңжалдардын себептерине жана натыйжаларына эки тараптын көз карашы менен түшүндүрмө берүүгө мүмкүнчүлүк берет;

– ***антропологиялык мамиле*** өткөндү инсандык, эмоциялык сыпаттоолор менен кабылдоосун калыптандырат;

– ***тарыхый-маданият таануучулук мамиле*** маданияттар аралык баарлашуу, маданий мурастарды кабылдоо жана аяр мамиле жасоо жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.

**Жогорудагы мамилелерге таянып, стандарттын жаңы моделинин чегинде мазмунда бир катар түзүмдүк өзгөрүүлөр жүргүзүлдү:**

1. Саясий жана экономикалык тарыхтын материалдарын кыскартуунун эсебинен маданияттын, биринчи кезекте, руханий, адеп-ахлактык маданияттын, Кыргызстан элинин нарк-насилдеринин, өз ара алака-мамилелеринин, күндөлүк тарыхтын материалдары кыйла кеңейтилди.

2. Түрк Мамлекеттери Уюмунун мамлекет башчыларынын биргелешкен чечимдерин жүзөгө ашыруу максатында, Дүйнөлүк тарыхтын материалдары кыскартылып, Түрк элдеринин, Борбордук Азия элдеринин тарыхы боюнча материалдар кеңейтилди.

3. Тарыхтагы инсандарга өзгөчө орун берилет, ал көрүнүктүү инсандардын өмүр баяндарын окуп үйрөнүү аркылуу гана эмес, «карапайы адамдардын» да тагдыры аркылуу социалдык жана саясий процесстер баяндалып берилет.

4. Тарыхый билим берүүнүн максатын жана бүтүрүүчүнү даярдоонун талаптарын иштеп чыгууда коомдогу күндөлүк турмушу үчүн зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга, мекенчилдикти, «Кыргыз жараны» — жалпы жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууга басым жасалат.

***«Тарых» предметин окуп үйрөнүү системасы*** жалпы билим берүүнүн экинчи жана үчүнчү баскычын камтыйт. Кыргызстан тарыхы менен алгачкы таанышуу башталгыч мектептеги «Мен жана дүйнө» курсунда болуп, ал тарыхый материалдар менен байытылат.

Мектептик тарыхый билим берүүнүн түзүмүндө окуучулардын жаштык өзгөчөлүктөрү жана таанып билүү мүмкүнчүлүктөрү эсепке алынып, ага жараша окутуунун максаты, мазмуну жана методдору конкреттешет. Мектептик тарыхый билим берүүнүн мазмунун тандоодо Германиядагы, дегеле европалык тажрыйбаны эсепке алып, бүткүл тарыхты, дүйнөнүн бардык аймактарындагы тарыхый окуяларды, көрүнүштөрдү камтууга мүмкүн эмес деген факторго таянат.

Негизги мектепте окуучулардын окуу жүктөмдөрүн кыскартуу предметтик темалардын (дидактикалык бирдиктердин) айрым бөлүктөрүн милдеттүү окуп үйрөнүүдөн баш тартуунун, тарыхый көрүнүштөрдүн маанилүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, материалдардын кайталануучулугуна жол бербеген, ири мазмундук блокторго негиденген окуу курстарынын кыйла тең салмакташтырылган структурасын түзүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Тарыхый билим берүүнүн системалуулугу окуу маалыматтарын көбөйтүүнүн эсебинен эмес, тарыхый процесстин негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн анализдөө, тарыхый реалдуулуктарды реконструциялоо көндүмдөрүнүн бирдиктүү комплексин калыптандыруу аркылуу түзүлөт.

Орто мектептеги тарых курсунун Базистик варианты топтомдук принципти жүзөгө ашыруунун негизинде курулат. Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде тарыхый билим берүүнүн төмөндөгүдөй эки баскычы белгиленген:

– Негизги мектепте (5–9-класстар);

– Орто мектепте (10–11-класстар).

Негизги мектепте (5–9-класстар) программмалык материалды окуп үйрөнүү окуучулардын жаш курактык мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен хронологиялык улануучулукта жүргүзүлөт.

Негизги орто билим берүү баскычында предметти окуп үйрөнүүнүн милдеттерине ылайык «Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнө тарыхы» курстары өткөндөгү доорлорго кызыгууну арттыра турган, социомаданий мүнөздөгү материалдар менен кеңейтилди. «Тарыхый инсандар» мазмундук линиясына ылайык өткөндөгү окуялардын жүрүшү жана натыйжалары окуу китептерде жана сабактарда адамдардын ишмердүүлүктөрү жана тагдырлары аркылуу өтөт.

«Тарых» предметинин мазмуну негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалар аркылуу жүзөгө ашырылат. 5–9-класстар үчүн «Тарых» предметинин мазмуну эки: «Кыргызстан тарыхы» (көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) жана «Дүйнө тарыхы» (Орток Түрк тарыхы курсу көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) курстары түрүндө баяндалат. 9-класста «Кыргызстан тарыхы» курсу боюнча мектептик бүтүрүү экзамендери жана атайын орто окуу жайларына кирүү экзамендери тапшырылат.

Негизги билим берүүчү программанын мазмуну предметтин базалык мазмунун аныктайт. Негизги билим берүүчү программада бөлүктөрдүн жана темалардын мазмуну салыштырмалуу кыскача берилет, ал кошумча (вариативдик), автордук программаларды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мугалимдер автордук, эксперименттик программаларды иштеп чыгууга жана колдонууга укуктуу.

Жалпы орто билим берүүдө (10–11-класстар) тарыхый билим берүүнү *базалык* жана *профилдик* деңгээлдерге бөлүү, окуу материалдарын өздөштүрүүнүн сызмактык системасынан баш тартып, проблемалык-хронологиялык системасына өтүү окуу жүктөмдөрүн кыскартууга негиз болуп саналат.

Орто жалпы билим берүүдө базалык жана профилдик деңгээлдердеги мазмундун катышы тарыхый билим берүүнү профилдештирүү концепциясы менен аныкталат. Тарыхый билим берүүнүн профилдик жана базалык моделдери, мазмундун милдеттүү минимумунун көлөмү жана мүнөзү, ошондой эле, окуу ишмердүүлүгүнүн татаалдануу формалары боюнча олуттуу айырмаланат.

***Базалык модель*** орто жалпы билим берүүдөгү тарыхый билим берүүнүн инварианттык компонентинин негизинде түзүлөт. Анын негизги максаты — окуучуларда азыркы дүйнөнүн көрүнүштөрүнүн жана процесстеринин тарыхый шартталгандыгын түшүнүү жөндөмдүү-

лүктөрүн калыптандыруу, курчап турган чөйрөгө карата өз позицияларын аныктоо үчүн окуучуларды адамзаттын социомаданий тажрыйбасы, көз караштардын тарыхый жактан калыптанган системалары менен кыйла тереңирээк тааныштыруу болуп саналат.

Тарыхый билим берүүнүн ***профилдик модели*** базалык деңгээлдегидей эле тарбиялык милдеттерди аткарат, ошол эле учурда мазмундук жактан жогорку окуу жайларга даярдоонун өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Профилдик модель окуучулардын компетенттүүлүктөрүн, инсандык сапаттарын жана жогорку окуу жайларында билим алууну андан ары улантуу үчүн зарыл болгон керектөөлөрүн тарых курстарынын мазмунунун көлөмүн көбөйтүү жолу менен эмес, даярдоо деңгээлине жогорку талаптарды коюу аркылуу калыптандырууну карайт.

Профилдик моделдин чегинде окуучуларды даярдоонун деңгээлине карата талаптардын өзгөчөлүгү алардын окуу процессиндеги өз иш-милдеттерин аткаруусунун жеке траекторияларын калыптандырууга чейинки, кыйла жогорку деңгээлде индивидуалдаштырууга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет. Профилдик моделдеги тарых курсунун милдетүү минимуму Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кирүү экзамендеринин талаптарына шайкеш келет.

Тарыхый билим берүүнүн мазмунунун кыйла тең салмакташтырылган көлөмүнө жетишүү үчүн тарых курсунун мазмундук негиздерин майдалап аныктоодон баш тартып, окуу материалдарын проблемалык-аналитикалык өздөштүрүүгө басым жасоого, окуучулардын жеке инсандык кабылдоосун, окуучулардын маалыматтык жана коммуникативдик маданиятын, социалдык идентүүлүгүн өнүктүрүү милдеттерин эсепке алуу менен модернизациялоого жетишүүгө көңүл бурулду.

Тарыхый билим берүүнүн сапатынын критерийи көп маалыматтарды эсинде сактап калуу, өздөштүрүлгөн материалдарды кайра айтып берүү менен эмес, тарыхый реалдуулуктун көрүнүштөрүнө талдоо жүргүзүү, айтып түшүндүрүү, тарыхый процесстерди баалоо көндүмдөрүнө ээ болуу, маалыматтарды издеп табуу жана аларга талдоо жүргүзүү методдорун өздөштүрүү менен байланышкан.

### 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

«Кыргызстан тарыхы» (көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) жана «Дүйнө тарыхы» (түрк элдеринин орток тарыхы көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) курстарындагы предметтик компетенттүүлүктөр төмөндөгүлөр:

| | **Компетенттүүктөр** | **Компетенттүүктөр** |
|---|---|---|
| 1. | **Хронологиялык жана картографиялык** | Негизги даталарды атап, хронологиясын тизмектей алат;<br>мезгилдик терминологияны колдонуп, мезгилдик бирдиктерди (жылды, кылымды, биздин заманга чейинки жана биздин заманды) аныктап, алардын ортосундагы айрмачылыктарды таба алат;<br>негизги окуяларды конкреттүү мезгилге шайкеш келтирет;<br>даталарды белгилүү тарыхый окуялар менен шайкеш келтире алат;<br>аталган окуяга, көрүнүшкө дал келбеген даталарды таба алат;<br>тарыхый окуяларды тарыхый карта менен шайкеш келтирет;<br>тарыхый картада орун алган шарттуу белгилерди окуй алат жана туура колдонот; |

| | | |
|---|---|---|
| | | өз алдынча контурдук картада мамлекеттердин чек араларын жана алардын өзгөрүшүн көрсөтө алат;<br>өздөштүрүлүп жаткан окуялардын жайгашкан жерин жана материалдык маданияттын эстеликтерин белгилей алат;<br>тарыхый картанын жардамы менен тарыхый окуяларды анализдеп, түшүндүрмө берет; |
| 2. | **Тарыхый-цивилизациялык** | Адамдардын эмгек жана чарбалык ишмердүүлүктөрүн, материалдык өндүрүштүн, техниканын өнүгүшүн сүрөттөп бере алат;<br>тарыхый окуяларды, көрүнүштөрдү сүрөттөп бере алат;<br>фактыларды, окуяларды, көрүнүштөрдү шайкеш келтире алат;<br>тарыхый окуяларды, кырдаалдарды көрүнүштөрдү салыштыра алат;<br>окуялардын жана көрүнүштөрдүн тиешелүү экендигин аныктап бере алат;<br>окуяны жыйынтыгы боюнча, бүгүнкү күндүн көз карашы менен баалай алат. |
| 3. | **Этномаданий** | улуттук жана жалпы адамзаттык тарыхый-маданий баалуулуктарды урматтап, ага инсандык мамилесин билдирет;<br>өз элинин маданий мурастарын урматтайт жана башка элдердин маданий мурастарына толеранттуу мамиле жасайт;<br>жаратылыштын эскирбес баалуулуктарын жана айлана-чөйрөнү коргоо зарылдыгын аңдап билет;<br>маданият таануучулук мамиленин тажрыйбасына таянып, тарыхый инсандарга мүнөздөмө берет;<br>гуманизмдин идеяларын кабылдап, адам укуктарына урматтоо менен мамиле жасайт. |
| 4. | **Социалдык-жарандык** | Доорго өз изин, ордун калтырган тарыхый инсандардын аттарын атап, аларга мүнөздөмө берип, иш-аракеттеринин ички мотивдерин ачып, саясий жана тарыхый портреттерин түзүп бере алат;<br>жеке инсандык тажрыйбасынын негизинде тарыхый инсандарга мүнөздөмө берет;<br>айрым инсандардын ролун «доордун руху» менен салыштыра алат;<br>тарыхый инсандардын портреттерин берилген критерийлер боюнча классификациялайт жана топтоштурат;<br>тарыхый өнүгүүнүн контекстинде инсандардын тарыхый ордун аныктай алат;<br>түрдүү тарыхый доорлордогу адамдардын жашоо-тиричилигинин шарттарын салыштыра алат.<br>өзүн «Кыргыз жараны» катары идентификациялай алат;<br>тарыхый жактан калыптанган маданий, диний, этноулуттук каада-салттарга, адеп-ахлактык эрежелерге урматтоо менен мамиле жасайт;<br>көз караштык мамилелердин түрдүүлүгүн урматтоо менен, окуучулардын ой-пикирин билдире алат. |

### 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Тарых предмети боюнча предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөр менен тыгыз байланышкан.

Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында окуу предметтеринин мазмуну аркылуу калыптангандырыла турган, төмөнкүдөй *негизги компетенттүүлүктөр* аныкталган:

**1. Маалыматтык компетенттүүлүк**

– адамзаттын өнүгүүсүнүн тарыхый жолу жана тажрыйбасы тууралуу базалык билимдери бар;

– өткөндү баалоодо тарыхый мүнөздөгү материалдарды өз алдынча максаттуу издеп, талдап, тандап, тарыхый маалыматтардын булактарын салыштырып, иштеп чыгып, сынчыл көз караш менен түшүнүп, анын аныктыгын тактап, жүйөлүү тыянактарды түзүп, өз аргументтерин келтире алат;

– алынган тарыхый-социалдык маалыматка сынчыл талдоо жүргүзүп, өз ишмердүүлүгүн пландаштырат жана ишке ашыруу боюнча негизделген чечимдерди кабыл алат;

– түрдүү тарыхый окуяларды азыркы турмуш, тарыхый инсандарды азыркы инсандар менен салыштыра алат;

– керектүү маалыматты ала алат жана аны оозеки жана жазуу жүзүндө, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен, көйгөйлөрдү чечүү үчүн диалог түзө алат;

– тарыхый маалыматты талдоо, синтездөө жана жалпылоонун натыйжасында долбоор менен иштей алат.

**2. Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк**

– өзүнүн умтулуусун башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен туура келтирүүгө, ар түрдүү позицияларды таануу менен башка адамдардын баалуулуктарына (маданий, диний, этностук, гендердик, кесиптик, инсандык) сый мамиле жасоонун негизинде өзүнүн көз карашын коргой билүүгө даяр;

– Мекенин сүйүп, улуттук каада-салттарды урматтап, Кыргызстандын жана дүйнө элдеринин тарыхына, маданий мурастарына жана жаратылыш байлыктарына аяр, камкор мамиле жасайт;

– маданий көп түрдүүлүктү урматтоо жана «Кыргыз жараны» жалпы жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууга салым кошот;

– позициялардын түрдүүлүгүн таануунун жана баалуулуктарга (диний, этностук, кесиптик, инсандык ж.б.), башка адамдарга карата урматтоо мамилесинин негизинде, өз көз караштарын маданияттуу коргой алат;

– тарыхый фактыларга түшүндүрмө берүүнүн объективдүү жана субъективдүү-инсандык ыкмаларын айырмалай алат;

– жалпы адамзаттык баалуулуктарды негиз кылып алып, гуманизмдин идеяларын көтөрүп чыгат, адам укуктарын, жарандык укуктарды, эркиндиктерди урматтайт;

– маданият таануучулук билимдерине, тажрыйбасына таянып, өз ара алака-мамиле түзөт.

**3. Өзүн таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү**

– өзүнүн дараметин жана кудуреттүүлүк касиеттерин, инсандык жана жеке сапаттарын, башка адамдар менен болгон мамилесин билүү,

– баарлашуудан керектүү маалыматтарды алып, жеке, социалдык жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө көрсөтөт;

– ишмерүүлүк процессинде жекече психологиялык жана жүрүм-турумдук мүнөздөмөлөрүн өзгөртүү боюнча максаттуу иштерге багыттайт;

– келечектеги кесиптик ишин тандоодо окуу жана турмуштук кырдаалдардагы көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды табат, аларды чечүүнү пландаштырат жана өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү аркылуу чече алат;

– адамдар жана уюмдар менен өз ара мамилелерде коомдо үстөмдүк кылган маданий-баалуулук системаларды колдонот;

– изилдөөчүлүк, чыгармачылык жана долбоордук иштерди аткаруу үчүн сынчыл ой жүгүртүү жана талдоо жүргүзүү жөндөмдөрүн колдоно алат, ошондой эле тарыхый окуяларды жана инсандарды жүйөлүү сыпаттап бере алат.

Окутуунун жыйынтыктарын пландаштырууда жана окуудагы жетишкендиктерии баалоодо эске алынуучу негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу үч деңгээлге бөлүнөт (I -тиркеме):

– репродуктивдүү деңгээл окуучулардын үлгүлөрдү туурап үйрөнүшү менен мүнөздөлөт (иш-аракеттердин белгиленген алгоритми);

– продуктивдүү деңгээл курамы боюнча жөнөкөй ишти аткаруу, иштин өздөштүргөн алгоритмин жаңы жагдайларда колдонуу жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт;

– креативдүү деңгээл өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтери менен татаал иштерди жүзөгө ашырууну болжолдойт.

Окутуунун ар бир баскычында окуучулар өздөрүнүн жаш курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык окуу шарттарын эске алуу менен бардык деңгээлдердеги компетентгүүлүктөргө ээ болушат.

**Компетенттүүлүктөрдүн калыптанышын баалоодо алардын өздөштүрулүү деңгээлдерине көңүл буруу зарыл:**

| Деңгээли | Ишмердүүлүктүн калыптанган ыкмалары |
|---|---|
| ***Репрдуктивдүү*** | Болжолдонгон ишмердүүлүктүн ыкмаларына багыт ала алат.<br>Маалыматты таба алат, белгилүү бир алгоритмдер боюнча маалыматтарды репродуктивдүү түрдө бере алат.<br>Тааныш кырдаалда пайда болгон жаңы көйгөйдү көрө биле алат. |
| ***Продуктивдүү*** | Тааныш жагдайларда практикалык тапшырмаларды аткара алат.<br>Коюлган маселени чечүү үчүн ар кандай булактардан жетишпеген маалыматты таба алат.<br>Өзүнүн билимин, көндүмдөрүн, ишмердүүлүк ыкмаларын жаңы жагдайларда колдоно алат. |
| ***Креативдүү*** | Өз ишмердүүлүгүн пландашыра, долбоорлой жана болжолдой алат.<br>Өзүнүн билимдерин, билгиликтерин, ишмердүүлүк ыкмаларын тааныш эмес жаңы кырдаалда колдоно алат.<br>Өз иш-аракеттери боюнча ой жүгүртө билет. |

Тарыхый материалдарды өздөштүрүүдөгү эң маанилүүлөрдүн бири болгон баалоону маалыматтык компетенттүүлүктүн мисалында карап көрөлү:

| Деңгээли | Ишмердүүлүктүн калыптанган ыкмалары |
|---|---|
| ***Репродуктивдүү*** | Түшүнүү үчүн (ыңгайлаштырылган) булактардан: окуу китебинен, хрестоматиядан 1–2 маалыматты колдонот.<br>Маалыматтарды 1–2 параметр боюнча системалаштырат. |

| | |
|---|---|
| | Тапшырмага ылайык маалыматтарды калыбына келтирет. |
| ***Продуктивдүү*** | Ар кандай татаалдыктагы эки же андан көп булактарды колдонот (архивдик материалдарга, документтерге, интернетте жарыяланган адабий булактарга шилтеме).<br>Керектүү маалыматтарды таап, системалаштыра жана жалпылаштыра билет.<br>Тапшырмадагы маалыматты ачып берүү үчүн зарыл параметрлерди жана критерийлерди аныктайт. |
| ***Креативдүү*** | Түз жана кыйыр маалыматтарды камтыган ар кандай деңгээлдеги татаалдыкта болгон эки же андан көп булактарды колдонот.<br>Кошумча булактардан, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынан алынган маалыматтарды топтой алат.<br>Иштин максатын өз алдынча аныктай алат, натыйжа менен таанышуу формасынын көрүнүшүн долбоорлой алат, максатка байланыштуу маалыматтарды чогулта алат.<br>Маалыматты далилдерди, ар кандай булактардан алынган маалыматтарга негизделген жүйөлүү корутундуларды камтыган, иштөө убактысы боюнча ирettүү жыйынтыкталган текст түрүндө көрсөтөт. |

### 2.5. Мазмундук линиялар; окуу материалдарын мазмуну жана класстар боюнча бөлүштүрүү

**2.5.1. Мазмундук линиялар.**

«Тарых» предметинин негизги мазмундук линиялары тарыхый билимдердин көп кырдуулугун чагылдырып турат. Мазмундук линиялар төмөнкүдөй негизги компоненттер менен аныкталат: ***тарыхый мезгил, тарыхый мейкиндик, тарыхый кыймыл*** жана ***тарыхый инсандар***.

**Мектептик тарых курсунун негизин төмөнкү мазмундук линиялар түзөт:**

**I. Тарыхый мезгил**

1. Негизги даталарды атоо жана окуялардын масштабын жана хронологиясын тизмелөө.
2. Даталардын, көрүнүштөрдүн жана процесстердин өз ара байланыштуулугун аныктоо, белгилүү тарыхый окуяларды белгилүү бир убакыт аралыгы менен шайкеш келтирүү.
3. Мезгилдик терминологияны окуяларды, процесстерди доорлорго, мезгилдик бирдиктерге (жыл, кылым, биздин заманга чейинки жана биздин заман) бөлүштүрүүгө колдонуу.
4. Аталган окуяга, көрүнүшкө дал келбеген даталарды табуу.

**II. Тарыхый мейкиндик**

1. Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхый картасын, анын динамикасын жана тарыхый картада орун алган шарттуу белгилерин окуу жана туура колдонуу.
2. Тарыхый окуяларды тарыхый карта менен салыштыруу аркылуу тарыхый окуяларга талдоо жүргүзүү.
3. Ар кайсы доорлордогу дүйнөнүн, аймактын, өлкөнүн тарыхый картасындагы өзгөрүүлөр жөнүндө билүү.
4. Цивилизациялардын, мамлекеттердин географиялык, экологиялык, этностук, социалдык, геосаясий абалы жөнүндө көрсөтүү.
5. Мамлекеттердин чек араларын жана алардын өзгөрүшүн контурдук карта боюнча көрсөтүү.

6. Тарыхый карта боюнча тарыхый окуяларга, адамдын, коомдун жана жаратылыштын кыймыл-аракеттерине түшүндүрмө берүү.

**III. Тарыхый динамика**

1. Окуяларды жана көрүнүштөрдү сыпаттап жазуу.

2. Фактылардын жана процесстердин, көрүнүштөрдүн ортосундагы катыштарды аныктоо жана байланыштыруу.

3. Фактыларды жалпылаштыруу.

4. Тарыхый окуялардын өз ара аракеттенүүсүнүн себептик-натыйжалык байланышын аныктоо.

5. Тарыхый окуялардын жана процесстердин карама-каршылыктуулугун, тенденцияларын, динамикасын жана диалектикасын табуу.

6. Тарыхый окуяларды, кырдаалдарды, көрүнүштөрдү салыштыруу.

7. Окуялардын жана көрүнүштөрдүн маңызын, таандык экендигин, типтерин аныктоо.

8. Окуяларга, алардын натыйжаларына, кесепеттерине бүгүнкү күндүн көз карашынан баа берүү ж.б.

**IV. Тарыхый инсандар**

1. Көрүнүктүү тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүнүн маанилүүлүгүн мүнөздөп берүү.

2. Кээ бир тарыхый инсандардын ролун «доордун рухуна» салыштыруу.

3. Ар түрдүү доорлордогу тарыхый инсандардын тарыхый ишмердүүлүгүнүн мазмунун салыштыруу, аларды типтештирүү, алардын ишмердүүлүктөрүнүн жалпы жана өзгөчө белгилерин көрсөтүү.

4. Тарыхый инсандардын тарыхый өнүгүүнүн шартындагы тарыхый ордун аныктоо.

5. Ар түрдүү тарыхый доорлордогу тарыхый инсандардын жашоо шарттарын жана тиричилигин, алардын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, ишмердүүлүктөрүнүн себептерин, дүйнөнү кабылдоосун, баалуулуктарын салыштыруу.

Аталган багыттарга ылайык негизги (тогуз жылдык) мектепте окуу материалынын базалык мазмуну эки: «Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөлүк тарых» курстарында баяндалат. Базалык (тогуз жылдык) мектептеги окуу материалынын базалык мазмуну көрсөтүлгөн багыттарга ылайык эки курста: «Кыргызстандын тарыхы» жана «Дүйнө тарыхы» курстарында сыпатталып баяндалган.

### 2.5.2. Окуу материалын мазмундук линиялар жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Ушул мазмундук линияларга ылайык башталгыч деңгээлдеги окуу материалынын негизги мазмуну тарых илимине киришүү курсу түрүндө берилет. Бул негизги жалпы билим берүү баскычында «Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнө тарыхы» курстарынын чегинде жүзөгө ашырылат.

Жалпы орто билим берүүнүн II баскычында (V–IX класстар) окуучулар тарыхты окуу предмети катары төмөнкүдөй структура боюнча окуп үйрөнөт:

**1. V класс — Тарыхты үйрөнүүгө киришүү жана Дүйнө тарыхы.**

**2. VI класс — Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы (Түрк цивилизациясы).**

**3. VII класс — Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы.**

**4. VIII класс — Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы.**

**5. IX класс — Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы.**

Окуучулар эң байыркы доордон тартып бүгүнкү күнгө чейинки тарых боюнча билимдерге ээ болушат. Негизги жалпы билим берүү баскычында тарыхты окуп үйрөнүү

менен окуучулар жөнөкөй хронологиялык-мейкиндик тутумунда берилген тарыхый билимдерге ээ болушат, айрым доорлордун өзгөчөлүктөрүнө ылайык тарыхый терминология менен иштөөнү үйрөнүшөт, тарыхый талдоо жүргүзүүнүн негизги ыкмаларын билишет.

Жалпы орто билим берүүнүн III деңгээлинде окуу материалдары төмөнкүдөй эки курс түрүндө берилет:

1. **10-класс — Дүйнө тарыхы: урунттуу учурлар** (байыркы доордон тартып XIX кылымдын ортосуна чейин); **Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар** (байыркы доордон — XIX кылымдын ортосуна чейин).
2. **11-класс — Дүйнө тарыхы: урунттуу учурлар** (XIX кылымдын ортосунан биздин күндөргө чейин); **Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар** (XIX кылымдын ортосунан биздин күндөргө чейин).

Жалпы орто билим берүүнүн бул баскычында тарыхты профилдик деңгээлде үйрөнүү каралган.

Негизги жалпы билим берүүнүн башталгыч жана орто деңгээлдеринде «Тарых» предмети боюнча мамлекеттик стандарттын мазмуну төмөнкүлөргө багытталган: окуучулардын билимин жана көндүмдөрүн, калыптанышын камсыз кылуучу таанып билүү ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын өздөштүрүүнүн тарыхый билим берүү тармагындагы заманбап талаптарды өздөштүрүү; өзүн өзү тарбиялоого, өзүн өзү уюштурууга, өзүн өзү башкарууга жана өзүн өзү сыйлоого умтулуу; таанып билүүгө шыктануусун өнүктүрүү боюнча көндүмдөрдү, билгиликтерди, кызматташтыкты, калыптандыруу; билимдерди өздөштүрүү диалогуна катышууну, идеяларды, долбоорлорду жана аяктаган иштерди жамааттык талкуулоону каалоо.

Орто жалпы билим берүүнүн жогорку баскычында «Тарых» предмети боюнча Мамлекеттик стандарттын мазмуну төмөнкүлөргө багытталган: инсандын өзүн аныктоосун камсыз кылуу; өзүн сыйлоо сезими бар, эркиндиктин жана демократиянын жогорку баалуулугун түшүнгөн, адам укуктарын урматтаган жана аларды коргой алган гуманисттик багыттагы инсанды калыптандыруу; окуучулардын көндүмдөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн, таанып билүү ишинин ыкмаларын өздөштүрүү, өзүн ишке ашыруу жана өзүн таануу тажрыйбасын өздөштүрүү, жеке жана жамааттык иш-аракеттерди өздөштүрүү аркылуу заманбап коомго интеграцияланган инсан-жаранды калыптандыруу, анын негизинде алдын ала инсандык, социалдык, кесиптик жактан өзүн аныктоо тастыкталат.

Жалпы орто билим берүүнүн жогорку баскычынын Базистик окуу планынын мамлекеттик компонентине ылайык мамлекеттик билим берүү стандарты профилдик, социалдык-гуманитардык багыттагы окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмүн белгилейт.

Кесиптик башталгыч жана/же орто кесиптик окуу жайларында окуган адамдар үчүн билим берүүнүн формасына карабастан негизги жалпы билим берүү программасын иштеп чыгуу мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген окуу жүктөмүнүн негизги көлөмүнө салыштырмалуу 15%га кыскартылат.

Бул курстардын сунуш кылынып жаткан хронологиялык бөлүштүрүүсү негизги билим берүүчү окуу программаларда көрсөтүлөт.

### 2.6. Предметтер аралык байланыштар, өтмө тематикалык линиялар

Негизги предметтер аралык байланыштар төмөнкү багыттар аркылуу жүрүүгө тийиш: Кыргызстан тарыхы — кыргыз тили; тарых — адабият; тарых — география; тарых — «Адам жана коом».

*Табигый жана так илимдерди* үйрөнүүдө, окуучуларга алардын тарыхы, көрүнүктүү окумуштуулар, алардын ата мекендик жана дүйнөлүк илимге салымы тууралуу маалыматтарды берүү максатка ылайыктуу.

*Кыргыз тили* сабактарында Кыргызстандын өткөн доорлордогу, азыркы учурдагы жана келечектеги кыргыз тилинин ордун жана ролун, тилде чагылдырылган, кыргыз элинин адептик баалуулуктарын айкындоо керек.

*Кыргыз адабиятын* окуп үйрөнүүдө адабий образдардын тарыхый, тарыхый образдардын көркөм болуусуна жетишүү зарыл.

Кыргыз адабиятын окуп үйрөнүп жатып, төмөндөгүлөргө көңүл буруу керек:

– Кыргызстандын элдеринин көркөм маданиятындагы, дүйнөлүк көркөм маданияттагы кыргыз адабиятынын ролу;

– ата мекендик адабияттын түрдүү жанрларынын калыптанышынын жана доордун колоритин чагылдырган көрүнүктүү чыгармалардын жаралышынын тарыхый шарттары;

– түрдүү тарыхый доорлордогу табиятты, адамдардын жашоо-тиричилигин, алардын кесиптерин жана каада-салттарын сүрөттөө.

*География* курсунда төмөндөгү жалпы проблемалардын жана темалардын өз ара байланышын эсепке алуу зарыл:

– географиялык жана тарыхый карта;

– дүйнөнүн саясий картасы,

– дүйнөнүн экономикалык картасы;

– улуу географиялык ачылыштар;

– дүйнө элдери;

– дүйнөнүн эң ири шаарлары;

– Кыргызстандын географиялык абалы;

– Кыргызстандын административдик-аймактык бөлүнүшү;

– Кыргызстандын экономикасы;

– Кыргызстандын калкынын саны жана жайгашуусу;

– Кыргызстандын калкынын улуттук курамы;

– Кыргызстандын геологиясы жана табияты.

*«Адам жана коом»* курсу тарыхты окуп үйрөнүү учурунда алынган фактылык материалдарга жана конкреттүү аппаратка таянууга тийиш. Өз кезегинде, коомдук илимдердин түшүнүктүк аппараты, тарых курстарында ийкемдүү колдонулууга тийиш.

Бир катар жалпы проблемаларды окуп үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш:

– Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү;

– революцияга чейинки, советтик, эгемен Кыргызстандын калкынын этностук курамы, улуттук саясаты жана улуттар аралык мамилелер;

– коомдук турмушта маданияттын, диндин орду жана ролу.

**2.6.1. Тематикалык линиялар**

«Тарых» предметинин негизги мазмундук линиялары төмөнкүдөй:

| Мазмундук линиялар | Тематикалык линиялар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **5 / 6** | **6 / 7** | **7 / 8** | **8 / 9** | **9 / 10** |
| ***Тарыхый мезгил*** | Тарых эмне окутат. Өткөн тууралуу билим булактары. Тарыхый жыл эсептөө (жыл, кылым, миң жылдык). Көмөкчү тарыхый дисциплиналар тууралуу маалыматтар | Адамзаттын тарыхый өнүгүү этаптары | Адамзаттын тарыхый өнүгүү этаптары | Адамзаттын тарыхый өнүгүү этаптары | Адамзаттын тарыхый өнүгүү этаптары |
| ***Тарыхый мейкиндик*** | Тарыхый карта: уруулардын жана элдердин аймагы, мамлекеттердин чек аралары, тарыхый окуялардын орду ж. б. Дарыя цивилизациялары (Нил, Ефрат, Тигр, Хуанхэ, Янцзы, Инд, Ганг). Египет, Алдыңкы Азия: Ассирия жана Вавилон, Индия, Кытай. Деңиз цивилизациялары (Финикия, Карфаген, Греция, Рим) | Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия байыркы доордо. Көчмөн цивилизациялар. Борбордук Азия. Улуу Жибек жолу. Тургундардын кесиптери. | Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка орто кылымдарда «Манас» эпосунун жаралышы, келип чыгышы жана тарыхый өнүгүшү. «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтиги. Манасчы («Манас» айтуучу) | Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка жаңы мезгилде | Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка соңку мезгилде |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| ***Тарыхый динамика*** | Мамлекеттердин пайда болушу. Байыркы Чыгыштын, Грециянын жана Римдин тарыхый мурастары. Эллинизм. Байыркы диндердин пайда болушу. Конфуцийдин окуусу. Зороастризм. Буддизм. Христианчылык. | | Борбордук Азия элдеринин салттуу маданияты. Орто кылымдык цивилизациянын мүнөздүү белгилери. Элдердин улуу көчү жана варвардык королдуктар доору. Христиан цивилизациясы. Мусулман цивилизациясы. Ыраакы Чыгыш цивилизациясы. Түрк-монгол цивилизациясы. Кайра жаралуу доору | Түрк дүйнөсү. Чыгыштын жана Борбордук Азия элдеринин салттуу маданияттары. Азия жана Африка өлкөлөрү. Батыш Европа жана Америка. Европадагы социалдык революциялар. Өнөр жай революциясы. Колониялык системанын пайда болушу. Илимий-техникалык революция. Европанын салттуу маданияты. | XX к. социалдык революциялар. Борбордук Азия элдеринин салттуу маданияты |
| ***Тарыхый инсандар*** | **Менес** (б.з.ч. 3125 ж. өлгөн) – Байыркы Египет падышасы. **Хеопс** (Хуфу или Хнум-Хуфу) (б.з.ч. 2589–2566-жж.) – Байыркы Египет фараону. **Хаммурапи** – Вавилон падышасы (б.з.ч. 1793–1750-жж.). **Соломон** (б.з.ч. 1011–928-жж.) – Бириккен | **Модэ-Шанүй** Модэ, Маодунь (б.з.ч. 209–174-жж.) Хунну империясынын негиздөөчүсү. **Ли Лин**, экинчи аты Шаоцин – Хань династиясынын колбашчысы, **Чжи-Чжи шанүй**, Хутуус – Хунну мамлекетинин бийлик ээси (шанүй). | **Алп Сол Тепек** (дагы Табу Хэзу, Тапу Алп Сол) – Кыргыз кагандыгынын көрүнүктүү аскер башчысы, Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн түзүлүшүндө чоң роль ойногон. **Сатук Буура ха**н – Карахандар мамлекетинин (915–955-жж.) | **Карга аке, Карга Мендегул уулу** (1718–1828-жж.) – Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан 7 акенин улуусу. Улуу акылман, руханий ойчул. Батыш Сибирь генерал-губернатору менен сүйлөшүү үчүн 1824-жылы элчи жиберүүгө демилге көтөргөн бийлердин бири. **Мойт аке Алдаяр уулу** (1745–1843-жж.) – улуу акылман, руханий ойчул, | **Абдыкерим Сыдыков** (1889–1938-жж.) – советтик коомдук жана мамлекеттик ишмер, тарыхчы, тунгуч окумуштуулардын бири. Советтик Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөчүлөрдүн бири. **Абдыкадыр Орозбеков** (1889–1938-жж.) – советтик саясий жана мамлекеттик ишмер, Кыргыз АССР/Кыргыз ССР |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Израил падышалыгынын өкүмдары.<br>**Клеопатра VII Филопатор** (б.з.ч. 69–30-жж.) – эллиндик Египеттин Македониянын Птолемей династиясынан чыккан акыркы ханышасы.<br>**Томирис** (болжол менен б.з.ч. 570–520-жж.) – массагеттердин иран ханышасы.<br>**Улуу Кир II** – перси падышасы (б.з.ч. 559–530-жж.) .<br>**Александр Македонский** – антика доорундагы улуу колбашчы (б.з.ч. 356–323-жж.).<br>**Улуу Дарий I** – Ахемени дөөлөтүнүн б.з.ч. 522–486-жж. падышасы.<br>**Гай Юлий Цезарь** – байыркы римдик мамлекеттик жана саясий ишмер, колбашчы, жазуучу | **Бумын** – Түрк кагандыгынын негиздөөчүсү (552-ж.) жана анын 1-каганы. Ашина уруусунун башчысы.<br>**Истеми каган** – жабгу (мамлекеттеги экинчи адам, 552–576-жж.). Агасы Бумын менен бирге Түрк кагандыгын түптөшкөн.<br>**Барсбек каган** – Хакас-Миң-Өзөн ойдуңундагы енисей кыргыздарынын башкаруучусу (637–710/711-жж.).<br>**Эрен Улуг** – таланттуу колбашчы жана дипломат, кыргыздардын Тибет мамлекетиндеги элчиси (VIII к.).<br>**Муңайбас** – Улуу Кыргыз кагандыгы доорундагы акылман баатыр кыз.<br>**Айнуру** – Улуу Кыргыз кагандыгы доорундагы акылман баатыр кыз. | негиздөөчүсү, анын калкынын исламдашуусуна негиз салган.<br>**Жусуп Баласагын** (1017–1077-жж.) – улуу ойчул, акын, саясий жана мамлекеттик ишмер.<br>**Махмуд Кашгари-Барскани** (1029–1101-жж.) – улуу окумуштуу-түркolog, көрүнүктүү энциклопедиячы, карта түзүүчү.<br>**Чыңгыз хан**, өз аты Темужин, Темучин, моңголчосу: Тэмүүжин (1162 – 1227-жж.) – моңгол ханы, Улуу Моңгол империясынын негиздөөчүсү.<br>**Урус инал** – Алтын Ордонун Чыгыш бөлүгүнүн ханы (1368), Алтын Ордонун ханы (1372–1374 жана 1375-жж.).<br>**Хайду хан** (1236–1301-жж.) – моңгол | агартуучу.<br>**Боромбай бий Бекмурат уулу** (1779–1858-жж.) – Бугу уруу бирикмесинин башкы манабы.<br>**Сарт аке Доскулу уулу** (1780–1865-жж.) – улуу акылман, руханий ойчул, чечен.<br>**Ормон хан Ниязбек уулу** (1792–1854-жж.) –Кыргыз хандыгынын ханы (1842–1854).<br>**Жантай хан Карабек уулу** (1794–1868-жж.) – Сарыбагыш уруусунун Тынай уругунан чыккан чоң манап.<br>**Тайлак баатыр** (1796–1838-жж.) – чоро-саяк уруусунун башчысы.<br>**Алымбек датка** (1799/1800–1862/1863-жж.) – XIX к. кокондук ири саясий ишмер.<br>**Тилекмат аке Жылкыайдар уулу** (1800–1863-жж.) – улуу акылман, руханий ойчул, элчи, дипломат, сарыбаргы уруусунан чыккан манап.<br>**Жаркынайым Токтоназар** | Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун Председатели.<br>**Кожомурат Сарыкулаков** (1892–1918-жж.) – Совет бийлигин орнотуу жана чыңдоо ишине салым кошкон көрүнүктүү революционер, «Букара» союзунун төрагасы.<br>**Жусуп Абдрахманов** (1901–1938-жж.) – советтик мамлекеттик жана саясий ишмер, Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин биринчи төрагасы. Кыргыз Республикасынын Баатыры.<br>**Ишеналы Арабаев** (1882–1933-жж.) – кыргыз окумуштуу-агартуучусу жана коомдук-саясий ишмери.<br>**Касым Тыныстанов** (1901–1938-жж.) – кыргыз окумуштуу-лингвисти, акын жана мамлекеттик ишмер. Латын алфавитинин негизиндеги кыргыз жазуусунун негиздөөчүсү.<br>**Иван Васильевич Панфилов** (1893–1941-жж.) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | (б.з.ч. 100–44-жж.). | **Кызалма** – Улуу Кыргыз кагандыгы доорундагы акылман баатыр кыз.<br>**Манас** – «Манас» эпосундагы башкы каарман.<br>**Каныкей** – «Манас» эпосундагы каарман.<br>**Айчүрөк** – «Манас» эпосундагы каарман.<br>**Кыз Сайкал** – «Манас» эпосундагы каарман. | кааны Үгөдөйдүн небереси, Чыңгыз хандын чөбөрөсү, Чагатай улусунун башкаруучусу.<br>**Тогулук-Темир** (болжолдуу 1329–1362/1363-жж.) – Моголстандын тунгуч ханы (1347-ж.) жана бүткүл Чагатай хандыгынын ханы, 1360-жылдан өлгөнгө чейин.<br>**Халил Султан** (1384–1411-жж.) – Тимуриилер тегинен Самарканддын жана Рейдин башкаруучусу.<br>**Тагай бий (Мухаммед-Кыргыз)** (1470–1533-жж.) – кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөчүлөрдүн бири.<br>**Улуу Карл** (742–814 жж.) – 768-жылдан франктардын королу, 774-жылдан ломбарддардын королу, 788-жылдан | **кызы** (1802–1868-жж.) – Кокон канайымы, коомдук ишмер. Кокон ханы Шералынын аялы, Кудаяр хандын энеси.<br>**Курманжан датка Маматбай кызы** (1811–1907-жж.) – XIX к. коомдук, саясий ишмер, Алай кыргыздарынын башчысы, «Алай ханышасы».<br>**Садыр аке Жолболду уулу** (1821–1905-жж.) – улуу акылман, руханий ойчул, жол тапкыч, адилеттүү, билгир инсан болгон. 1870-ж. Верный, Пишпек шаарларында өткөн Россия-Кытай чек ара сүйлөшүүлөрүнө катышкан.<br>**Байтик баатыр Канай уулу** (1823–1886-жж.) – солто уруусунун чоң манабы, саясий ишмер.<br>**Карач аке Мендегул уулу** (1837–1914-жж.) – улуу акылман, руханий ойчул, көрөгөч, чечен, калыстыктан тайбаган адам болгон үчүн бир нече жолу болуш болуп шайланган.<br>**Шабдан баатыр** (1839– | – советтик аскер башчы, Советтер Союзунун Баатыры. Генерал-майор.<br>**Исхак Раззаков** (1910–1979-жж.) – советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары. Кыргыз Республикасынын Баатыры.<br>**Турдакун Усубалиев** (1919–2015-жж.) – советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер, Кыргыз ССРинин Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары. Кыргыз Республикасынын Баатыры.<br>**Аскар Акаев** (1944-ж. туулган) – советтик жана кыргыз мамлекеттик, саясий жана илимий ишмер. Кыргыз ССРинин Президенти (27.10.1990–31.08.1991). Кыргыз Республикасынын Президенти (31.08.1991–11.04.2005).<br>**Курманбек Салиевич** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Бавария герцогу, 800-жылдан Батыш императору. Каролинг империясынын негиздөөчүсү, «Европанын атасы» Рим империясы кулагандан кийин биринчи жолу Батыш жана Борбордук Европанын көпчүлүк бөлүгүн бириктирген. **Мухаммед пайгамбар** (571–632-жж.) – араб диний, коомдук жана саясий ишмери, исламдын негиздөөчүсү жана борбордук ишмери. **Леонардо да Винчи** (1452–1519-жж.) – италиялык сүрөтчү (живописчи, скульптор, архитектор) жана илимпоз (анатомист, натуралист), ойлоп табуучу, жазуучу, музыкант, Жогорку Кайра жаралуу доорундагы искусствонун ири | 1912-жж.) – мамлекеттик жана аскер ишмери. **Кыдыр аке Байсары уулу** (1843–1926-жж.) – бугу уруусунун арык уругунан чыккан манап. Ысык-Көлдөн чыккан жети акенин кенжеси. Калыстыгын жана акылмандыгын эл баалаган. Кыргыздар менен калмактардын ортосунда элчи катары белгилүү болгон Олжобай бийдин небереси. 1861-жылы 18 жаш курагында болуш болуп шайланган. Романовдор династиясынын 300 жылдык салтанаттуу маарекесине Каракол уездин ен кадырман делегат катары чакырылган. **Полот хан, Исхак Хасан уулу** (1844–1876-жж.) – 1873–1876-жж. Кокон көтөрүлүшүнүн жетекчилеринин бири. **Исак Шайбеков** (1880–1957-жж.) – кыргыз совет жазма акыны жана коомдук ишмер. СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү (1938-ж.). **Оливер Кромвель** (1599– | **Бакиев** (1949-ж. туулган) – Кыргыз Республикасынын Президенти (2005–2010). **Отунбаева Роза Исаковна** (1950-ж. туулган) – Кыргыз Республикасынын экс-президенти (03.07.2010–01.12.2011), БУУнун Башкы катчысына караштуу медиация боюнча жогорку деңгээлдеги кеңешчилер тобунун мүчөсү, «Роза Отунбаеванын демилгеси» Эл аралык коомдук фондунун негиздөөчүсү (2011). БУУнун Башкы катчысынын Ооганстан боюнча атайын өкүлү жана БУУнун Ооганстандагы миссиясынын башчысы (2022-ж. сентябрынан бери). **Алмазбек Шаршенович Атамбаев** (1956-ж. туулган) – Кыргыз Республикасынын Президенти (2011–2017). Кыргыз Республикасынын 12- жана 16-премьер-министри, Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын төрагасы (1994–2011, 2018–2019). **Садыр Нургожоевич** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | өкүлдөрүнүн бири, «универсалдык адамдын» (латынча *homo universalis*) жаркын мисалы.<br>**Рафаэль Санти** (1483–1520-жж.) – италиялык сүрөтчү, живописчи жана Умбрия, Флоренция, Рим мектептеринин архитектору. 16-к. башындагы Жогорку Ренессанс, же «рим классицизми» искусствосунун өкүлдөрүнүн бири.<br>**Каардуу Иван IV** (1530–1584-жж.) – өкүмдар, 1533-жылдан (3 жашында) Москванын жана Бүткүл Рустун Улуу Герцогу, Бүткүл Россиянын биринчи падышасы.<br>**Акыл Карачач** (XIV–XV кк.) – уламыш боюнча Жаныбек хандын доорунда жашаган Жээренче | 1658-жж.) – Англиянын мамлекеттик, саясий жана аскердик ишмери.<br>**Улуу Пётр I Алексеевич** (1672–1725-жж.) – бүткүл Рустун акыркы падышасы жана бүткүл Россиянын 1-императору.<br>**Жорж Вашингтон** (1732–1799-жж.) – Америка Кошмо Штаттарынын негиздөөчүсү, АКШнын 1-президенти (1789).<br>**Наполеон I Бонапарт** (1769–1821-жж.) – 1804–1814 жана 1815-жж. француз императору, колбашчы жана мамлекеттик ишмер.<br>**Симон Боливар** (1783–1830-жж.) – Латин Америкасынын мамлекеттик, саясий жана аскердик ишмери.<br>**Махмуд II** (1785–1839-жж.) – 30-Осмон султаны (1808-1839), Танзиматты негиздеген.<br>**Авраам Линкольн** (1809–1865-жж.) – Америка Кошмо Штаттарынын 16-президенти, мамлекеттик | **Жапаров** (1968-ж. туулган) – кыргыздын мамлекеттик жана саясий ишмери. Кыргыз Республикасынын премьер-министри (10.10.2020–21.01.2021). Кыргыз Республикасынын Президенти (2021-ж. 28-январынан бери).<br>**Владимир Ильич Ленин** (1870–1924-жж.) – революционер-марксчы, советтик саясий жана мамлекеттик ишмер, Россиянын социал-демократиялык жумушчу партиясынын (большевиктер) негиздөөчүсү, Россиядагы 1917-жылдагы Октябрь революциясынын башкы уюштуруучусу жана жетекчиси, РСФСР Эл Комиссарлар Советинин жана СССР Эл Комиссарлар Советинин биринчи төрагасы, дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекетти түзүүчү.<br>**Иосиф Виссарионович Сталин** (1879–1953-жж.) – революциячыл советтик |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | чечендин келини.<br>**Жаңыл мырза Жагоо бий кызы** (XVII к.) – нойгут уруусунан чыккан баатыр кыз.<br>**Ак Шербет Бүргө кызы** (1780–1856-жж.) – келбети, акылы, чечендиги, тайманбас курчтугу төп келген акын болгон. | жана саясий ишмер.<br>**Отто фон Бисмарк** (1815–1898-жж.) – Германия империясынын биринчи канцлери, мамлекеттик жана саясий ишмер.<br>**Сунь Ятсен** (1866–1925-жж.) – Кытайдын революциячыл жана саясий ишмери, Гоминьдан партиясынын негиздөөчүсү. Кытай Республикасынын негиздөөчүлөрүнүн бири жана биринчи президенти.<br>**Пётр Кузьмич Юдахин** (1890–1975-жж.) – советтик түркolog, кыргыз таануучу, профессор (1940), филология илимдеринин доктору (1949), Өзбек ССР ИАнын корреспондент-мүчөсү (1952), Кыргыз ССР ИАнын академиги (1954), фундаменталдык кыргызча-орусча сөздүктүн (1940) жана орусча-кыргызча сөздүктүн түзүүчүсү (1944).<br>**Базаркул Данияров** (1897–1942-жж.) – агартуучу, атайын педагогикалык билимдүү мугалим (1924), этнопедагог, окумуштуу, | саясий, мамлекеттик ишмер, аскердик жана партиялык жетекчи. РКП-ВКП Борбордук Комитетинин Генералдык секретары, ВКП-КПСС Борбордук Комитетинин секретары, Советтер Союзунун Маршалы, Советтер Союзунун генералиссимусу.<br>**Франклин Рузвельт** (1882–1945-жж.) – Америка Кошмо Штаттарынын 32-президенти. Улуу Депрессия жана Экинчи Дүйнөлүк согуш мезгилинде АКШны жетектеген.<br>**Махатма Ганди** (1868–1948-жж.) – Индиянын саясий жана коомдук ишмери, Индиянын Улуу Британияга көз каранды эместиги үчүн кыймылды баштоочулардын жана жетекчилеринин бири.<br>**Мустафа Кемаль Ататүрк** (1881–1938-жж.) – Осмон жана түрк мамлекеттик, саясий жана аскердик ишмери. Түркиянын Республикалык элдик партиясынын негиздөөчүсү |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | окуу китептеринин автору, Кыргыз Борбордук педагогикалык техникумдун биринчи директору (1929).<br>**Жапар Шүкүров** (1906–1963-жж.) – тилчи, котормочу, коомдук ишмер, филология илимдеринин кандидаты (1947).<br>**Абдылас Малдыбаев** (1906–1978-жж. – советтик, кыргыз композитору, опера ырчысы (тенор), актер, педагог, коомдук ишмер. СССРдин эл артисти (1939).<br>**Иса Коноевич Ахунбаев** (1908–1975-жж.) – кыргыз медицинасында көкүрөк хирургиясынын негиздөөчүсү. Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун ректору жана профессору (1948). СССР Медицина илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү (1948). Академик (1954), СССР Илимдер академиясынын Кыргызстандагы филиалынын президиумунун төрагасы | жана биринчи лидери. Түркия Республикасынын биринчи президенти (1923–1938), азыркы Түрк мамлекетинин негиздөөчүсү.<br>**Никита Сергеевич Хрущёв** (1894–1971-жж.) – партиялык жана мамлекеттик ишмер. КПСС БКнын Биринчи Секретары.<br>**Билл Клинтон** (1946-ж. туулган) – АКШнын 42-президенти (1993–2001), мамлекеттик жана саясий ишмер.<br>**Маргарет Тетчер** (1925–2013-жж.) – Улуу Британиянын премьер-министри (1979–1990), мамлекеттик жана саясий ишмер.<br>**Михаил Сергеевич Горбачёв** (1931–2022) – КПСС БКнын акыркы Генеральный секретары. СССРдин тарыхындагы жалгыз президенти. Мамлекеттик, саясий, партиялык жана коомдук ишмер.<br>**Мао Цзедун** (1893–1976- |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | (1952), Кыргыз ССР Илимдер академиясынын тунгуч президенти (1954–1960).<br>**Тазабек Саманчин** (1909–1979-жж.) – көрүнүктүү илимпоз, адабиятчы, котормочу, драматург. Алгачкы филология илимдеринин кандидаты.<br>**Зыяш Бектенов** (1911–1994-жж.) – кыргыз-советтик окумуштуу-филолог, манасчы, тилчи, фольклорчу, котормочу, жазуучу. СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. Кыргыз ССРинин эл агартуусунун отличниги. СССРдин жогорку мектебинин отличниги. Кыргыз улуттук университетинин «Ардактуу профессору».<br>**Уркуя Салиева** (1911–1934-жж.) – биринчи комсомол кыз, Кыргыз АССРиндеги колхоздун биринчи аял председатели. Советтердин съездинин делегаты жана Кыргыз АССР Борбордук Аткаруу | жж.) – Кытайдын коммунисттик революционери, мамлекеттик, саясий жана партиялык ишмер. Кытай Эл Республикасынын негиздөөчүсү жана жетекчиси (1949–1976).<br>**Дэн Сяопин** (1904–1997-жж.) – Кытайдын мамлекеттик, саясий жана партиялык ишмери.<br>**Ли Сын Ман** (1875–1965-жж.) – Түштүк Корея Республикасынын бозгундагы Убактылуу Өкмөтүнүн биринчи жетекчиси, мамлекеттик жана саясий ишмер. Корея Республикасынын биринчи президенти.<br>**Барак Хусейн Обама II** (1961-ж. туулган) – АКШнын 44-президенти (2009–2017).<br>**Владимир Владимирович Путин** (1952-ж. туулган) – Россия Федерациясынын Президенти, РФ Мамлекеттик кеңешинин жана РФ Коопсуздук кеңешинин төрагасы; РФ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Комитетинин мүчөсү.<br>**Бегималы Жамгырчинов** (1914–1982-жж.) – тарых илимдеринин алгачкы кандидаты, алгачкы доктору (1950), профессор (1951). Совет доорундагы кыргыз элинин чыгаан тарыхчысы, Кыргыз Илимдер Академиясынын биринчи тарыхчы академиги (1954). | Куралдуу Күчтөрүнүн Жогорку командачысы.<br>**Ольга Максимилиановна Мануйлова** (1893–1984-жж.) – советтик скульптор, Кыргыз ССРинин эл художниги.<br>**Шаршен Термечиков** (1896–1942-жж.) – советтик кыргыз куудул-сатириги, ырчы-комузчу, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти.<br>**Зууракан Кайназарова** (1902–1982-жж.) – колхоздук өндүрүштүн новатору, Социалисттик Эмгектин эки жолу Баатыры.<br>**Алыкул Осмонов** (1915–1950)-жж. – кыргыз акыны, драматург, котормочу.<br>**Мыскал Өмүрканова** (1915–1976-жж.) – кыргыз совет эл ырчысы, фольклордук жана автордук ырларды аткаруучу, Кыргыз ССРинин эл артисти.<br>**Лидия Александровна Ильина** (1915–1994-жж.) – советтик график. Кыргыз ССРинин эл артисти, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты.<br>**Дүйшөнкул Шопоков** (1915–1941) – панфиловчу, Советтер Союзунун Баатыры.<br>**Керимбүбү Шопокова** (1917–2013-жж.) – советтик, кыргыз айыл чарба кызматкери, кызылчачы, Социалисттик Эмгектин Баатыры.<br>**Күлүйпа Кондучалова** (1920–2013-жж.) – советтик, кыргыз мамлекеттик ишмери, Кыргыз ССРинин тышкы иштер министри (1953–2058), маданият министри (1958–1980). Кыргыз Республикасынын Баатыры.<br>**Чолпонбай Түлөбердиев** (1922–1942-жж.) – кызыл аскер, Советтер Союзунун Баатыры.<br>**Асанкан Жумакматов** (1923–2008-жж.) – советтик, кыргыз дирижёру, Кыргыз Республикасынын Баатыры. СССРдин эл артисти.<br>**Кубанычбек Нурбеков** (1928–1985-жж.) – юрист, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | кыргыз укук таануу илимин негиздөөчүлөрдүн бири, кыргыздардан чыккан юридика илимдеринин туңгуч доктору (1968), профессор (1970)<br>**Ракым Усубакунов** (1929–1982-жж.) – чыгаан педагог окумуштуу, физика-математика илимдеринин кандидаты (1965).<br>**Калый Молдобасанов** (1929–2006-жж.) – советтик, кыргыз композитору, дирижёр, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССРдин эл артисти.<br>**Насыр Давлесов** (1929–2011-жж.) – советтик, кыргыз композитору, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, СССРдин эл артисти.<br>**Сабира Күмүшалиева** (1917–2007-жж.) – кыргыз, советтик кино жана театр актрисасы. Кыргыз Республикасынын Баатыры. Кыргыз ССРинин эл артисти.<br>**Сайра Кийизбаева** (1917–1988-жж.) – советтик, кыргыз опера ырчысы, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | педагог. СССРдин эл артисти.<br>**Даркүл Күйүкова** (1919–1997-жж.) – советтик, кыргыз театр жана кино актрисасы. СССРдин эл артисти.<br>**Аскар Түлеев** (1920–1963-жж.) – композитор, кыргыз профессионал музыкасын негиздөөчүлөрдүн бири.<br>**Өлмөсхан Атабекова** (1922–1987-жж.) – советтик айыл чарба кызматкери, пахтачы, Социалисттик Эмгектин Баатыры.<br>**Бакен Кыдыкеева** (1923–1993-жж.) – советтик, кыргыз театр жана кино актрисасы. СССРдин эл артисти.<br>**Бүбүсара Бейшеналиева** (1926–1979-жж.) – кыргыз, советтик балерина, педагог. СССРдин эл артисти. Кыргызстандын биринчи балеринасы.<br>**Чыңгыз Айтматов** (1928–2008-жж.) – кыргыз жана орус жазуучусу; дипломат. Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Республикасынын Баатыры, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын академиги, СССРдин Лениндик жана үч Мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаты.<br>**Сабыр Аттокуров** (1932–2005-жж.) – көрүнүктүү тарыхчы, тарых илимдеринин доктору (1969), профессор (1971), Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхын, кыргыз этнографиясын жана санжырасын илимктеген адис.<br>**Үмүткөр Рысмамбетова** (1932–2015-жж.) акушер-гинеколог, Социалисттик Эмгектин Баатыры.<br>**Мелис Убукеев** (1935–1996)-жж. – кыргыз жана советтик сценарист, режиссёр. Кыргыз Республикасынын эл артисти, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти.<br>**Кайыргүл Сартбаева** (1936-жылы туулган) – советтик жана кыргыз опера |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | ырчысы, педагог, СССРдин эл артисти. **Болот Миңжылкиев** (1940–2000-жж.) – советтик жана кыргыз опера ырчысы, педагог, СССРдин эл артисти. **Динара Асанова** (1942–1985-жж.) – советтик жана кыргыз кинорежиссеру, актриса. РСФСРдин искусствосуна эмгек сицирген ишмер. **Таттыбүбү Турсунбаева** (1944–1981) – советтик театр жана кино актрисасы, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти, СССР кинематографисттер союзунун жана Кыргыз ССР театр ишмерлери союзунун мүчөсү. **Чолпонбек Базарбаев** (1949–2002-жж.) – кыргыз, советтик балет артисти, бийчи. СССРдин эл артисти. **Каныбек Осмоналиев** (1953-ж. туулган) – кыргыз советтик оор атлетчи, 1980-ж. Москвада өткөн Олимпиада оюндарынын жеңүүчүсү, оор атлетика |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | боюнча дүйнөнүн төрт жолку, Европанын эки жолку чемпиону.<br>**Сатымкул Жуманазаров** (1951–2007-жж.) – советтик марафончу, марафон боюнча 1980-ж. Олимпиада оюндарынын коло медалынын ээси. Постсоветтик мейкиндиктеги жалгыз марафончу.<br>**Айсулуу Тыныбекова** (1993-ж. туулган) – Кыргыз спортчусу, эркин күрөш боюнча Азиянын беш жолку чемпиону, дүйнөнүн эки жолку чемпиону, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген спорт чебери. |

**2.6.2. Өзөктүк тематикалык линиялар**

«Тарых» предметинин негизги мазмундук линиялары төмөнкүдөй:

| Мазмундук линиялар | | |
|---|---|---|
| | **10** | **11** |
| ***Тарыхый мезгил жана мейкиндик*** | Адамзаттын тарыхый өнүгүү этаптары<br>Тарыхый карта: урууалардын жана элдердин аймагы, мамлекеттердин чек аралары, тарыхый окуядардын ордулары ж. б.<br>Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия байыркы доордо.<br>Дарыя цивилизациялары (Нил, Ефрат, Тигр, Хуанхе, Янцзы, Инд, Ганг). Египет, Алдыңкы Азия: Ассирия жана Вавилон, Индия, Кытай.<br>Деңиз цивилизациялары (Финикия, Карфаген, Греция, Рим)<br>Көчмөн цивилизациялар. Борбордук Азия). Улуу Жибек жолу. Тургундардын кесиптери. | Адамзаттын тарыхый өнүгүү этаптары<br>Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка Орто кылымдарда<br><br>Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка Жаңы мезгилде<br><br>Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка Соңку мезгилде |
| ***Тарыхый динамика*** | Мамлекеттердин жана цивилизациялардын тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү.<br>Дүйнөлүк цивилизациялардын жашоого жөндөмдүүлүгүнө таасир эткен факторлор.<br>Өндүрүштүн, техниканын өнүгүшүнүн, экономикалык мамилелердин мүнөзүндөгү өзгөрүүлөр.<br>Тарыхый окуялардын себептик-натыйжалык байланыштары жана өз ара байланыштары.<br>Ар кайсы доордогу жалпы адамзаттык баалуулуктар: этностук жамааттар (уруу, эл, улут) жана процесстер; тап, катмар, социалдык топтордун өнүгүү динамикасы; мамлекеттин пайда болуу, негизделүү жана өнүгүү процесси, алардын тарыхый формасы.<br>Тарыхый окуялардын жана процесстердин тенденциясы, динамикасы, диалектикалык өсүүсү жана карама-каршылыктуулугу. | Дүйнө элдеринин жана өлкөлөрдүн негизги окуялары. Тарыхтагы социалдык кыймылдардын динамикасы.<br>Адамдын айлана-чөйрөнү таануу; диний көз караштардын пайда болушу, өнүгүшү (диний жана диний эмес окутуу); коомдук ой жүгүртүүлөр; илимий идеялардын жаралышынын тарыхы.<br>Дүйнө элдеринин маданиятынын тарыхы: рухий жана материалдык маданият; этикалык жана эстетикалык балуулуктардын динамикасы, ар түрдүүлүгү; элдердин жана цивилизациялардын дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы. |

| | | |
|---|---|---|
| ***Тарыхый инсандар*** | Адамзаттын тарыхтагы орду — анын ар түрдүү тарыхый доорлордогу өнүгүшү: керектөөсү, кызыкчылыгы, ишмердүүлүгүнүн далили; дүйнөнү кабыл алуусу, баалуулуктары: жашоосунун жана турмуш-тиричилигинин шарттары.<br>Материалдык өндүрүштүн өнүгүшүндөгү адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн эволюциясы. Тарыхтагы адамдардын ортосундагы экономикалык мамилелердин өзгөрүшүнүн мүнөздөрү.<br>Ар кайсы доордогу жалпы адамзаттык баалуулуктар: этникалык жамааттар (уруу, эл, улут) жана процесстер; тап, сословие, катмар, социалдык топтордун өнүгүү динамикасы; мамлекеттин пайда болуу, негизделүү жана өнүгүү процесси, алардын тарыхый формасы.<br>«Манас» эпосунун кыргыздардын өзүн таанууcундагы, маданиятын жана тилин өнүктүрүүдөгү орду.<br>«Манас» эпосун өздөштүрүү, изилдөө жана тарыхый-маданий баа берүү. | Элдердин, коомдун, цивилизациянын өз ара мамилелеринин тарыхы (коңшулук, маданий байланышы, басып алуулары ж.б.); тарыхтагы тынчтык жана согуш маселелери.<br>Тарыхый өнүгүүдө мамлекеттин ролу.<br>Азыркы цивилизациянын өз ара мамилелеринин тарыхы.<br>Тарыхый өнүгүүдө цивилизациянын жана маданияттын ролу. |

## 3-бөлүм. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО

### 3.1. Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана класстар боюнча)

Негизги жалпы билим берүү баскычында тарыхты изилдөөнүн натыйжасы окуучулардын негизги компетенцияларын — маалыматтык, социалдык-коммуникациялык, өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү, атайын (предметтик): хронологиялык жана картографиялык, этномаданий, тарыхый-цивилизациялык жана социалдык-жарандык компетенциялар.

Бардык окуу предметтери менен бирге эле, тарыхты окуп үйрөнүүнүн натыйжасы катары жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн модели түзүлөт.

**Жалпы негизги билим берүү мектебинин бүтүрүүчүсүнүн базалык модели:**

– коомдо жашоонун социалдык жана маданий ченемдерин колдонуу үчүн зарыл болгон билимдерге жана көндүмдөргө ээ (үй-бүлө, достор, коомдук жана мамлекеттик түзүмдөр менен өз ара аракеттенүү);

– окуу чөйрөсүндөгү жана коомдогу проблемалуу кырдаалдарды чече алат, өз чечимдеринин кесепеттери үчүн жоопкерчиликти өзүнө ала алат;

– негиздүү чечимдерди кабыл алуу үчүн ар кандай булактардан маалыматтарды өз алдынча издөөнү, иштеп чыгууну (анын ичинде маалыматтык технологияларды пайдалануу менен), талдоону жүзөгө ашырат;

– өз алдынча окуу, эксперименттик, тажрыйбалык иштерди уюштуруу көндүмдөрүнө ээ;

– Интернет тармагында маалыматты издөө ыкмаларын билет;

– окуу жана башка иштерди аткаруу үчүн маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын инструменттерин (МКТ- сабаттуулук) билет;

– медиасабаттуулуктун негиздерин билет, маалыматты алуу, чечмелөө, берүү жөндөмүнө ээ, анын ичинде электрондук форматта;

– электрондук маалымдамаларды, энциклопедияларды, мультимедиялык окуу курстарын ишенимдүү колдонот;

– үй-бүлөнүн, этностук жана диний топтордун мүчөсү катары өзүнүн жарандык иденттүүлүгүн аңдап билет;

– азыркы коомдун гуманисттик традицияларын жана баалуулуктарын кабылдайт жана адам укуктарын жана эркиндиктерин урматтайт;

– өткөн муундардын социалдык-адептик тажрыйбасы тууралуу ой жүгүртө алат, азыркы коомдогу өз позициясын жана жүрүш-турушун жөнгө салат;

**Жалпы негизги билим берүү баскычында тарыхты өздөштүрүүнүн метапредметтик натыйжасы:**

– Мамлекеттик жана предметтик билим берүү стандарттарынын талаптары менен аныкталган деңгээлде жалпы орто билим берүүнүн мазмунуна жана кесиптик кызыкчылыктарга жана жөндөмдөргө ылайык профилдик окутуунун мазмунуна ээ;

– жогорку таанып билүүчүлүк мотивацияга, кесипти аң-сезимдүү тандоо жөндөмүнө ээ, кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө даяр;

– иштин ар кандай түрлөрүн (окуу, эмгектик) жүргүзө алат: пландоо, долбоорлоо, моделдөө, болжолдоо, изилдөө, ошондой эле окуунун жана өз алдынча окуунун рационалдуу ыкмаларына ээ;

– келечектеги кесиби үчүн керектүү окуу милдеттерин чечүү үчүн ар кандай коммуникативдик билгиликтерге жана көндүмдөргө ээ, баарлашуу (иштиктүү, жеке) ыкмаларын билет, коомдук ж.б. ишмердүүлүктөрүн аң-сезимдүү уюштурууга жана жөнгө салууга жөндөмдүү;

– өзүнүн окуусунун натыйжалуулугун жогорулатууда маалыматтын заманбап булактары менен иштөөнүн негизги принциптерин билет жана санариптик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн ийгиликтүү колдонот;

– өзүн өнүктүрүү, өзүн таанып билүү, өзүн сыйлоо, өзүн көзөмөлдөө жөндөмүнө ээ;

– чыгармачыл тапшырмаларды аткарууга, ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын түрдүү формада (кабарлоо, эссе, презентация, реферат ж.б.) алып чыгууга жөндөмдүү;

– классташтары менен кызматташууга, коллективдүү ишке, мектепте жана социалдык чөйрөдө маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнүн негиздерин өздөштүрүүгө даяр.

Мектептик жалпы билим берүүнүн окуу программалары боюнча окутуунун негизги максаты окуучулардын билим алууну улантуу жана өзүнүн жарандык милдеттерин аткаруу үчүн жетиштүү деңгээлде негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болуусун камсыз кылууга багытталган.

| Мазмундук линиялар | Компетенттүү-лүктөр | Билим берүүнүн натыйжалары | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 5 / 6 | 6 / 7 | 7 / 8 | 8 / 9 | 9 / 10 |
| ***1. Тарыхый мезгил*** | **1.** Хронологиялык жана картографиялык | **5.1.1.1.** Тарыхый жыл менен кылымды шайкеш келтире билет. | **6.1.1.1.** Окуялардын мезгилдерге жараша узактыгын жана уланмалуу-лугун тактай алат. **6.1.1.2.** Легендага таянуу менен тарыхый картаны чечмелей билет | **7.1.1.1.** Тарыхтагы негизги окуялардын даталарын атайт жана мезгилдерге бөлүштүрө билет, Хронологиялык талблицаны түзө алат. | **8.1.1.1.** Тарыхтагы эң башкы даталарды, негизги тарыхый процесстердин мезгилин хронологиялык рамкада белгилей алат. | **9.1.1.1.** XX–XXI кк. эң негиздүү, түп-тамырынан бери өзгөрүүгө алып келген саясий окуяларды айтып бере алат жана картадагы өзгөрүлөрдү көрсөтө алат. |
| | **2.** Тарыхый-цивилизациялык | **5.1.2.1.** Өзгөчөлөнгөн тарыхый фактыларды жана жалпы тарыхый көрүнүштөрдү дал келтире алат. | **6.1.2.1.** Хронологияны пайдалануу менен окуялардын узактыгын жана уланмалуулугун аныктай алат. | **7.1.2.1.** Дүйнөлүк маданияттын көп түрдүүлүгү жөнүндө элестете алат. | **8.1.2.1.** Берилген чен өлчөмгө карата тарыхый булактарды максатуу түрдө тандай (система-лаштыра) алат. | **9.1.2.1.** Айрым өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүү динамикасын салыштыруу менен анын этаптарын мүнөздөйт, алардын XX–XXI кк. чектериндеги модернизациялануу жолунун негизги мазмунун жана жыйынтыгын баалай алат. |
| | **3.** Этномаданий | | **6.1.3.1**. Өзүнүн жана башка | **7.1.3.1.** Өз жана башка | **8.1.3.1.** Өз жана башка маданий | **9.1.3.1**. Өз өлкөсүнүн жана дүйнөлүк |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | этностордун тарыхый маданий баалуулуктарын билет. | этностордун тарыхый-маданий баалулуктарын анализдей алат. | чөйрөдө жүрүм-турум ченемдерин түшүндүрүп бере алат. | тарыхый маданий, социалдык чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн тааныйт, ошону менен бирге мезгилге жараша анын өзгөрүүлөрүн көрө билүүгө жөндөмдүү. |
| | **4.** Социалдык-жарандык | **5.1.4.1.** Жалпы адамзаттын негизги баалуулуктарын билет жана түшүнөт | **6.1.4.1.** Жалпы адамзаттык принциптерди Классификацияла йт | **7.2.3.1.** Жалпы адамзаттын негизги баалуулуктарын анализдей алат | **8.1.4.1.** Азыркы окуялардын маңызын баалоодо жана анын себептерин ачууда тарыхый билимдерин колдоно алат | **9.1.4.1.** Өзүнүн жарандык позициясын көрсөтөт жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде аракеттене алат |
| ***2. Тарыхый мейкиндик*** | **1.** Хронологиялык жана картографиялык | **5.2.1.1**. Тарыхый картадан аймактарды, мамлекеттердин чектерин, шаарлардын жайгашкан ордуларын көрсөтө алат | **6.2.1.1**. Тарыхый картаны колдонуу менен байыркы цивилизациялард ын ордун, алардын жаратылыш шарттарын жазып бере алат | **7.2.1.1.** Тарыхый окуя жана көрүнүштөрдүн негиздүү белгилерин жана мүнөздөрүн атап бере алат | **8.2.1.1**. XVII–XIX кк. колониялык империялардын кеңейишин көрсөтүп, колониялык саясаттын негизги багыттарын жана кесепеттерин айтып бере алат | **9.2.1.1**. Тарыхый фактыларды салыштыруу менен анын жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөтө алат |
| | **2.** Тарыхый-цивилизациялык | **5.2.2.1**. Тарыхый окуялар жана алардын катышуучулары жөнүндө айтып | **6.2.2.1**. Дүйнөлүк жана ата мекендик тарыхтагы жана маданияттагы | **7.2.2.1**. Маданияттын жана руханий жашоонун өнүгүшүндө | **8.2.2.1**. Ири согуштардын себебин, жүрүшүн анализдейт, алардын мүнөзүн | **9.2.2.1. Ө**ткөн жана азыркы окуялардын жана көрүнүштөрдүн маанисин ачып берүүдө тарыхый |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | бере алат (оозеки жана жазуу жүзүндө) | негизги фактыларды элестете алат | диндин ролун белгилей алат | баалайт, ири дөөлөттөрдүн союзунун тышкы саясаттарынын Негизги багыттарын аныктай алат | билимдерин жана тарыхый анализдөөнүн жолдорун колдоно алат |
| | **3.** Этномаданий | **5.2.3.1**. Ар түрдүү тарыхый доорлор-догу элдердин ишмердүүдүгүн, жашоо ыңгайын жана шарттарын мүнөздөй алат | **6.2.3.1.** Өз жана башка маданий чөйрөдө жүрүм-турум ченемдерин түшүндүрүп бере алат | **7.2.3.1**. Өз Ата Мекенинин жана дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнө мүнөздөмө бере алат | **8.2.3.1.** Башка этностордун тарыхый-маданий баалуулуктарына толеранттуу мамиле жазай алат | **9.2.3.1.** Өз жана башка маданий чөйрөдөгү жүрүм-турум ченемдерине талдоо жүргүзө алат |
| | **4.** Социалдык-жарандык | **5.2.4.1.** Окулган тарыхый текстти түшүнөт жана анын негизги мазмунун ачып бере алат | **6.2.4.1.** Байыркы цивилизацияны түзүүчүлөрдүн өз ара мамилелерин түшүнөт | **7.2.4.1.** Ар кайсы доорлордогу элдердин тарыхый-маданий тажрыйбаларын түшүнөт жана кабыл алат | **8.2.4.1.** Адамзаттын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, алардын материалдык жана рухий керектөөлөрүнүн өсүшүн, эмгек шарттарынын өзгөрүшүн, жашоо ыңгайын жана турмуш-тиричилигин түшүндүрүп бере алат | **9.2.4.1.** Саясий системаларга жана режимдерге мүнөздөмө берет, фактыларга таянуу менен саясий режимдердин маңызын ачып берет |
| ***3. Тарыхый*** | **1.** Хронологиялык жана | **5.3.1.1.** Бир же бир нече | **6.3.1.1.** Ар түрдүү булактарга таянуу | **7.3.1.1.** Негизги тарыхый | **8.3.1.1.** Ири өлкөлөрдөгү өнөр | **9.3.1.1.** Ар түрдүү булактарда |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***динамика*** | картографиялык | булактардан зарыл маалыматтарды табуу жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алат | менен маалыматтын окшоштуктарын жана айрымачылыктарын салыштыра алат | түшүнүктөрдүн маанисин жана маңызын чечмелеп бере алат | жай төңкөрүшүнүн фактыларын, экономикалык өнүгүүнүн негизги белгилерине талдоо жүргүзө алат | белгиленген тарыхый фактыларга баа бере алат |
| | **2.** Тарыхый-цивилизациялык | **5.3.2.1.** Ар түрдүү доорлордогу элдердин тышкы кебетелерин, турак жайын, эмгек куралдарын, турмуш-тиричилик буюмдарын, кийим-кечелерин, тарыхый эстеликтерин жана элдик чыгармачылык предметтерин жазып бере алат | **6.3.2.1**. Маданияттын негизги жетиш-кендиктерине мүнөздөмө берүү менен дүйнөлүк маданиятка байыркы цивилизациянын кошкон салымын баалоо аркылуу анын маданий өнүгүштөгү өзгөчө маанилүүлүгүн аныктай алат | **7.3.2.1.** Жашоо ыңгайынын, адамдардын дүйнөнү кабыл алуусунун өзгөрүшүн көрсөтүү менен, маданий жашоодо жана саясатта, диний багытта, чарбачылыкта шаарлардын ролун тактай алат | **8.3.2.1.** Өткөн доорлорго салыштырмалуу адамдардын дүйнөгө, айлана-чөйрөгө болгон көз караштпрынын, түшүнүктөрүнүн өзгөрүшүнө талдоо жүргүзө алат | **9.3.2.1.** Негизги саясий агымдардын эволциясына, алардын өкүлдөрүнүн ишмердүүлүктөрүнө баа бере алат |
| | **3.** Этномаданий | | **6.3.3.1.** Өзүнүн жана башка этностордун тарыхына жана маданиятына | **7.3.3.1.** Тарыхый билимдердин жардамы менен өз өлкөсүндөгү жана дүйнөлүк тарыхый | **8.3.3.1.** Элдердин жана жеке адамдардын өз өлкөсүнүн тарыхындагы | **9.3.3.1.** Тарыхый өнүгүштүн натыйжаларына, анын күчтүү жана алсыз |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | кызыгат | эстеликтерди аныктайт жана сактоого даяр | аракеттеринин тажрыйбасын алардын турмуштук ишмердүүлүгүнө жана жалпы жетишкендиктерине ылайык көрсөтө алат | жактарына Талдоо жүргүзө алат |
| | **4.** Социалдык-жарандык | **5.3.4.1.** Адамдар менен сүйлөшүү билимдерин колдонуу менен мектепте жана мектептен тышкары жашоодо маданияттын көп түрдүү чөйрөсүндө диалог жүргүзө алат | **6.3.4.1.** Ар түрдүү тарыхый жана маалыматтык булактардан алынган маалыматтарды системалаштыруу жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алат | **7.3.4.1.** Жеке жана топтук иштерде өзүнүн күчтүү жана алсыз жактарын белгилеп, аргументтештирүү аркылуу жыйынтык чыгара алат | **8.3.4.1**. Өздөштүрүдгөн тарыхый окуяны чечмелеп түшүндүрө жана ага баа бере алат | **9.3.4.1**. Ар түрдүү тарыхый булактардан алынган коомдук-саясий аспектилерди бөлүп көрсөтө алат |
| ***4.Тарыхый инсандар*** | **1.** Хронологиялык жана картографиялык | **5.4.1.1.** Тарыхый инсандарды атап Бере алат | **6.4.1.1.** Тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрү жөнүндө жазып бере алат | **7.4.1.1**. Тарыхый инсандарды тийиштүү мезгилдерге тууралап көрсөтүп бере алат | **8.4.1.1.** Тарыхый инсандарды белгилүү бир мезгилдин убактысына жараша топтоштура алат | **9.4.1.1**. ХХ к. чегиндеги ири тарыхый Ачылыштарга, материалдык, руханий маданияттын өнүгүшүнүн негизги белгилерине жана алардын адамдын |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | жашоосуна тийгизген таасирине Баа бере алат |
| | **2.** Тарыхый-цивилизациялык | | **6.4.2.1.** Элдердин жана тарыхый инсандардын ишмерүүлүктө-рүнүн маанисин ачып бере алат | **7.4.2.1**. Мамлекеттик ишмердердин ишмердүүлүгүн мүнөздөй алат | **8.4.2.1.** Тарыхтагы негизги окуялар, андагы катышуучулар жөнүндө айтып бере алышат жана алардын аракеттеринин маанисине баа бере алат | **9.4.2.1**. Тарыхый булактардын жана мезгилдүү басма сөз материалдарынын жардамы менен адамдардын жашоо белгилерин аныктай алат |
| | **3.** Этномаданий | **5.4.3.1**. Тиричилик буюмдарын жана маданий эстеликтерди айырмалай жана салыштыра алат | **6.4.3.1**. Тарыхтагы маанилүү окуяларга жана адамдарга болгон мамилесин аныктап, түшүндүрүп бере алат | **7.4.3.1.** Өзүнүн жана башка этностордун тарыхый жана маданий баалуулуктарына талдоо жүргүзө алат | **8.4.3.1.** Эң көрүнүктүү маданий эстеликтерди жана алардын жаратуучуларын мүнөздөй алат | **9.4.3.1**. Саясий лидерлердин жана топтордун ишмердүүлүгүнүн себептерине, максатына жана жыйынтыгына баа бере алат |
| | **4.** Социалдык-жарандык | | **6.4.4.1**. Маданияттын эң көрүнүктүү ишмерлери жана алардын салымдары жөнүндө айтып бере алат | **7.4.4.1.** Эң негиздүү ачылыштар жана адамдардын ойлоп табуулары, алардын адамзаттын өнүгүшүнө кошкон салымы жөнүндө элестете | **8.4.4.1**. Адамдардын коомдогу абалынын кээ бир мисалдарына мүнөздөмө берет | **9.4.4.1.** Коом менен мамлекеттин, адамдардын ортосундагы конфликттерди чечүү жөндөмүн көрсөтө алат |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | алат жана искусстводогу, диний ишенимдердеги өзгөчөлүктөрүн тактап берет | | |

**Тарыхты үйрөнүүдө 10–11-класстардагы жыйынтыктар топтомунун идентификаторлору:**

Класс (10, 11)

**Тематикалык мазмундук линиялар**: 1. Тарыхый мезгил жана мейкиндик 2. Тарыхый динамика 3. Тарыхый инсандар

**Предметтик компетенттүүлүктөр**: 1. Тарыхый сабаттуулук. 2. Этномаданий компетентүүлүк. 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк

**Натыйжа** (1,2,3,4,)

| № | Мазмундук сызыктар | Компетенттүүлүктөр | Билим берүүнүн натыйжалары | Билим берүүнүн натыйжалары |
|---|---|---|---|---|
| | | | **10-класс** | **11-класс** |
| **1.** | ***Тарыхый мезгил жана мейкиндик*** | 1. Тарыхый сабаттуулук | **10.1.1.1.** Окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырат (10 жана андан көп мисалдар);<br>картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп берет (6 жана андан көп мисалдар менен) | **11.1.1.1.** Даталарды системалаштыруу принцибин негиздейт (10 жана андан көп мисалдар менен);<br>карта жана схема боюнча тарыхый окуяларга түшүндүрмө бере алат (10 жана андан көп мисалдар менен) |
| | | 2. Этномаданий компетентүүлүк | **10.1.2.1.** Өзүнүн жана башка этностордун тарыхый-маданий баалулуктарын классификациялай алат (6 жана андан көп мисалдар менен);<br>түрдүү цивилизациялардын маданий баалуулуктарын классификациялай алат (ар бир маданияттан 7 жана андан көп мисалдар менен) | **11.1.2.1**. Өзүнүн жана башка этностордун тарыхый-маданий баалулуктарын талдоо жүргүзөт (8 жана андан көп мисалдар);<br>көп маданияттуу дүйнөнүн жашашына таасир эткен факторлорго түшүндүрмө бере алат (7 жана андан көп мисалдар менен) |
| | | 3. Социалдык- | **10.1.3.1.** Түрдүү доордогу жалпы адамзаттык | **11.1.3.1.** Ар кайсы доорлордогу жалпы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жарандык компетенттүүлүк | баалуулуктарды талкуулай алат (4 жана андан көп мисалдар менен);<br>түрдүү тарыхый доорлордогу адамдардын жүрүм-турум ченемдеринен мисал келтирет (8 жана андан көп мисалдар менен) | адамзаттык баалуулуктарга карата өзүнүн жарандык позициясын түшүндүрүп берет (5 жана андан көп мисалдар менен);<br>ар кайсы тарыхый доорлордогу адамдардын жүрүм-турум ченемдерине баа берет (8 жана андан көп мисалдар менен) |
| **3.** | ***Тарыхый динамика*** | 1. Тарыхый сабаттуулук | **10.3.1.3.** Геосаясий маалыматтардын негизинде себептик-натыйжалык байланыштарга аргумент келтире алат (6 жана андан көп мисалдар менен) | **11.3.1.3.** Геосаясий маалыматтардын негизинде тарыхы окуяларга жана көрүнүштөргө талкуу жүргүзө жана баа бере алат (8 жана андан көп мисалдар менен) |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | **10.3.2.3.** Тарыхый доорлордун алмашуу процессинде баалуулуктарды мүнөздөйт (6 же андан көп мисалдар менен) | **11.3.2.3.** Тарыхый доорлордун алмашууларына жараша баалуулуктарды талдайт (8 же андан көп мисалдар менен) |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | **10.3.3.3.** Тарыхый окуяларга жана көрүнүштөргө өз мамилесин аргументештирет (6 же андан көп мисалдар менен) | **11.3.3.3**. Объективдүү жана субъективдүү инсандык окуяларды айрымалап чечмелей алат (7 же андан көп мисалдар менен) |
| **4.** | ***Тарыхый инсандар*** | 1. Тарыхый сабаттуулук | **10.4.1.4.** Өткөн доорлорго салыштырганда жаңы мезгилде адамдардын көз караштары кандай өзгөргөндүгүн түшүндүрөт (белгиленген чен-өлчөм боюнча 6 же андан көп мисалдар менен) | **11.4.1.4.** Тарыхый окуяларга, көрүнүштөргө деталдаштырылган талкуу жүргүзөт жана баа берет (белгиленген чен-өлчөм боюнча 7 же андан көп мисалдар менен) |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | **10.4.2.4.** Ар түрдүү доорлордо тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүнүн мотивин жана максатын түшүндүрөт (5 же андан көп мисалдар менен) | **11.4.2.4.** Өз жана бөтөн маданий чөйрөлөрдөгү жүрүм-түрүмдпрга талдоо жүргүзө алат (7 же андан көп мисалдар менен) |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | **10.4.3.4.** Тарыхый өнүгүүнүн шартында каармандардын тарыхый ордун аныктайт (7 же андан көп мисалдар менен) | **11.4.3.4.** Өзүнүн тарыхый инсандарга мамилелерин жүйөлүү түшүндүрөт (8 же андан ашык мисалдар менен) |

### 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери

Билим берүүнүн сапатына баа берүү окуучунун билим алуудагы жетишкендиктеринин, билим берүү программаларынын, билим берүү процессинин касиеттеринин жана билим берүү уюмдарында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын ресурстук камсыз кылынышын жана билимдин сапатынын ченемдик- укуктук актыларда белгиленген башка талаптарга шайкеш келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт.

1. Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баалоонун диагностикалык, формативдик жана суммативдик баалоо сыяктуу үч түрү колдонулат.

2. Диагностикалык баалоо окуучунун окуу жылы ичиндеги жетишкендиктерине баа берүү үчүн колдонулат. Мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандыруунун баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштыруу жүргүзөт Диагностикалык баалоонун натыйжалары сыпаттама түрүндө жазылат, ал жалпыланат жана мугалим үчүн окуу тапшырмаларын жана окуучулар үчүн окуу максаттарын коюу менен окуу процессин тууралоо жана жакшыртуу үчүн негиз болуп саналат.

3. Формативдик баалоо материалды өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучунун прогрессин аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим формативдик баалоону окутууну өз убагында оңдоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн, ал эми окуучулар аткарган ишинин сапатын жакшыртуу үчүн колдонушат. Окуучунун прогресси окуучу тарабынан аткарылган белгилүү бир иштин негизинде билим берүү чөйрөсүнүн алкагындагы окутуу максаттарында белгиленген белгилүү бир натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Журналга бааларды коюу менен мугалим окуучунун жеке прогрессине көз салууну белгилейт.

4. Суммативдик баалоо окуучунун ар бир окуу этабы үчүн пландаштырылган натыйжаларга канчалык деңгээлде жетишкенин аныктоого жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баалоого негизделет.

5. Жекече аткарылган милдеттерге учурдагы баа берүү ченемдерине (туура чечимдердин саны, жол берилген каталардын саны, тариздөө эрежелерин жолдоо ж.б.) жана мугалим жана/же окуучунун өзү берген айрым иштерди аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуу материалдарын өздөштүрүүдө окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө учурдагы баа берүүнү жүргүзөт.

6. Аралык баалоо предметтик стандартта аныкталган иштин түрлөрүнүн негизинде жүргүзүлөт: жазуу иштери/булак менен иштөө; оозеки жооптор/презентациялар; долбоорлор, изилдөөлөр, иштин белгилүү бир түрлөрү; портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж.б. Иштин бардык түрлөру баалоо критерийлеринин негизинде бааланат, же милдеттүү болуп саналат да, мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын-ала пландаштырылат.

7. Жыйынтык баалоо мектептин календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлөт жана колдонуудагы ченемдерге жана баа берүүнүн иштеп чыккан критерийлерине ылайык жазуу жүзүндө жүргүзүлөт. Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана алардын жыйынтыктоочу баа берүүдөгү салыштырма салмагы окутуунун баскычтарын жана предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен предметтик стандарттар боюнча аныкталат. Иштердин формаларынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аныктайт.

8. Негизги жана орто жалпы билим берүүдө баалоо окуучунун ички туюмуна дем берүү, өзүн баалоо, өзүнө талдоо жүргүзүү жана өз ара баалоо, өз ишин жана башка окуучулардын иштерин сынчыл көз караш менен баалоо жөндөмүн калыптандырууга багытталган. Ушул максатта белгилер, ошондой эле сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары колдонулат.

9. Баалоонун максаттарына жетүү үчүн мугалим:

1) баалоону окутуунун натыйжасына жетишүү даражасынын көрсөткүчү катары карайт;

2) натыйжаларга жетишүүгө жана инсандык өнүгүшүнө тиешелүү окуучунун прогрессине көз салат;

3) сапаттык жана сандык баа берүүнүн (окуучунун портфолиосу, байкоо жүргүзүү, тесттер, контролдук иштер ж.б.) ар кандай формаларын (жеке жана топтук, оозеки жана жазуу жүзүндө ж.б.), усулдарды, ыкмаларды жана аспаптарды пайдаланат;

4) маселени биргелешип чечүү үчүн окуучунун прогресси жана окутуу процессиндеги кыйынчылыктар жөнүндө ата-энелерге маалымдайт;

5) ким, качан жана кайда баалагандыгына карабастан, окуучуларга коюлган талаптардын биримдигин камсыз кылат.

Баалоо окуу-тарбия процессинин маанилүү этабы, окуучу, мугалим жана жалпы эле тарбиялоо процесси тууралу маалымат алууга багытталган дидактикалык аракеттердин комплекси болуп саналат. Баа окуучулардын алган билимдерин жана ээ болгон компетенцияларын, окуучулардын иштеринин натыйжалуулугун жана колдонулуп жаткан дидактикалык стратегиялардын тууралыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

**Баалоо** — бул билим берүү процессине интеграцияланган комплектүү дидактикалык метод; ал өткөрүү мөөнөтүнө жараша: биринчи, күндөлүк жана жыйынтыктоочу болушу мүмкүн.

Натыйжалуу окутууга багытталган баалоо системасы төмөндөгүлөргө мүмкүнчүлүк түзөт:

– окуучуларга предметти өздөштүрүүдө алар канчалык ийгиликтүү экендиктери, мугалим алдына койгон максатына жеткендиги тууралуу маалымат берип, кайтарым байланыш түзөт;

– ал жазалоо эмес, кызыктыруу формасында колдонулат;

– окуу ишмердигин стимулдаштыруу керек;

– анын жардамы менен окуучулардын бир аз да болсо алга жылуусун белгилөө;

– өзүн баалоонун калыптанышына жана өнүгүшүнө көмөктөшөт.

Жигердүүлүгүнө жана дараметине карабастан, бардык окуучулардын камтылгандыгы баалоонун маанилүү шарты. Баа окуучулардын таанып билүү жана изилдөөчүлүк ишмердигин стимулдаштырууга, кыйла жогорку натыйжаларга жетишүү перспективасын ачууга тийиш. Баалоо аркылуу мугалим окутуу процессинде окучу кездеше турган проблеманы, кыйынчылыктарды айкындоого тийиш. Баалоонун натыйжасында чыгарылган тыянак мугалимге конкреттүү кырдаалда иштөө методдорун жана формаларын колдонуунун натыйжалуулугу тууралуу зарыл маалымат берет.

Баалоо төмөнкү этаптарды камтыйт:

1. Максатты пландаштыруу, коюу, критерийлерди жана баалоо шкаласын аныктоо.
2. Иштелип чыккан критерийдин негизинде окутуунун натыйжаларын баалоо жана түшүндүрмө берүү.
3. Баалоонун негизинде корутунду чыгаруу.
4. Жүргүзүлгөн баалоонун негизинде тажрыйбалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Окуучуларды баалоонун принциптери жана критерийлери билим берүүнүн максаттары жана милдеттери менен аныкталат. Негизги максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн мугалим окутуу стандарттарын колдонот жана анын базасында баалоонун критерийлерин жана формаларын иштеп чыгат.

Мугалим натыйжаларды баалоонун оозеки, жазуу жана практикалык формаларын колдонууга тийиш. Окуучулардын билимин текшерүүнүн төмөндөгүдөй формалары жана методдору каралат:

– суроолорго жооп;
– сыпаттап айтып берүүнүн түрлөрү;
– тарыхый инсандарга мүнөздөмө берүү;
– жеке жана топтук долбоор;
– контурдук карта менен иштөө;
– тестирлөө.

Мында жооптордун тууралыгы гана бааланбастан, билимдердин жана компетенциялардын системасы, жооп берүүчүнүн эрудициясы, предметке мамилеси бааланат.

## 4-бөлүм. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

### 4.1. Окутуу методикасына коюлган негизги талаптар

**Таанып билүү чөйрөсүндө:**

➢ Азыркы дүйнөдөгү кубулуштардын жана процесстердин тарыхый шарттуулугун түшүнүү, алынган тарыхый-социалдык маалыматтарга сын көз менен талдоо жүргүзүү жөндөмүн өнүктүрүү;

➢ Илимий маалыматтарды табуу, тарыхый материалдар менен иштөө, фактыларды, версияларды, баалоолорду, өнүгүү варианттарын жана тарыхый маалыматтардын булактарын салыштыруу, өткөндү баалоодо өз аргументтерин тизмектөө көндүмдөрүн өнүктүрүү;

➢ Тарыхый өнүгүү жолу жана адамзаттын тажрыйбасы жөнүндө негизги билимдерди калыптандыруу, аларды талдоодо социалдыкк тажрыйбаны кеңейтүү.

**Жүрүм-турумдук чөйрөдө:**

➢ Курчап турган чындыкка карата өзүнүн позициясын аныктоо, аны тарыхый калыптанган көз караш системалары менен салыштыруу жөндөмдөрүн өнүктүрүү;

➢ Башка элдердин тарыхына жана маданиятына толеранттуу мамилени калыптандыруу;

➢ Окуучуларда өз Мекени үчүн сыймыктануу сезимин, «Кыргыз жараны» жалпы жарандык иденттүүлүктү жана этностор аралык толеранттуулукту калыптандыруу;

➢ Окуучулардын чыгармачылык таанып билүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон инсандык интеллектуалдык сапаттарын калыптандыруу;

➢ Тажрыйбалык тапшырмаларды чечүүдө баарлашуу жана кызматташуу үчүн, сүйлөшүү көндүмдөрүн өнүктүрүү жана чыр-чатактарды оң чечүү үчүн шарттарды түзүү;

➢ Жаратылыш жана социалдык чөйрөлөрүндө сергек жүрүм-турумдун эрежелерин өздөштүрүүсүнө салым кошуу;

➢ Алынган билимдерди жана көндүмдөрдү реалдуу турмуштук маселелерди чечүү үчүн колдонууга көмөк көрсөтүү;

- Өзүн таануунун жөнөнкөй ыкмаларын иштеп чыгууну, адамдын физикалык, эмоциялык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана чектерин адекваттуу баалоону камсыз кылуу;
- Кооптуу учурда, ошондой эле өзгөчө кырдаалдарда коопсуз жүрүм-турумдун алгоритмдеринин болушун камсыз кылуу;
- Окуу ишмердүүлүгүн өз алдынча пландаштыруу жана ишке ашыруу көндүмдөрүн калыптандырууга жана башка окуучулар жана мугалимдер менен билим берүү кызматташтыгын уюштурууга көмөк көрсөтүү;
- Табигый кубулуштарды жана социалдык көрүнүштөргө байкоо жана изилдөө жүргүзүү жөндөмүн өнүктүрүү.

**4.2. Предметтик стандарттын талаптарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары**

1. Жалпы билим берүү уюмдарында (мектеп, гимназия, лицей) окуу процессин окуу-методикалык жактан камсыздоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жарыялануучу окуу жылындагы окуу сабактарын окутуу жөнүндөгү көрсөтмөлүк-методикалык катка ылайык ишке ашырылат.

**Бул катта төмөнкүлөр берилет:**

Кыргыз Республикасындагы башталгыч, негизги, орто жалпы билим берүү уюмдарындагы (мектеп, гимназия, лицей) мамлекеттик компонент базистик окуу процессинде бардык сабактар окуу китептери жана окуу-методикалык комплекстери менен (ОМК) (конкреттүү аталыштарын көрсөтүү менен) камсыз болушу;

Окуу-методикалык колдонмолордун, сабактар боюнча сунуштардын тизмеси (тандоо курсу, факультативдик окутуу, прикладдык курстар).

1. Окуу-методикалык комплекстерди, анын ичинде окуу адабиятынын төмөнкү түрлөрүн иштеп чыгуу эң келечектүү деп табылышы керек.

– ***Окуу программасы*** — тарых предметинин мазмунун: билимдердин көлөмүн жана түзүмүн, үйрөнүүлүчү темалардын ырааттуулугун жана сабактардын санын, ошондой эле, тарыхты окуп үйрөнүү процессинде окуучуларда калыптанууга тийиш болгон ишмердүүлүктөрдүн ыкмаларын аныктаган ченемдик документ.

– ***Окуу китеби*** — жалпы орто билим берүүнүн негизги мазмунун чагылдырган, зарыл иллюстрациялык жана методикалык материал менен жабдылган китеп;

– ***Окуу колдонмосу*** — факультативдик курстарда колдонулуучу китеп;

– ***Окуу үчүн китеп*** — окуу китеби менен катар эле, негизги курстун айрым темаларын же сюжеттерин кызыктуу формада баяндаган китеп;

– ***Хрестоматия*** — Кыргызстан тарыхынын жана Дүйнө тарыхынын өздөштүрүлүп жаткан мезгилдери боюнча документтердин жана булактардын жыйнагы;

– ***Иш дептери*** — окуучулар үчүн түрдүү таанып билүүчүлүк тапшырмалардын жыйнагы, ошондой эле контурдук карталар бар индивидуалдуу окуу-методикалык колдонмо;

– ***Маалымдамалар*** — милдеттүү материалды, ошондой эле, окуучунун өз алдынча кошумча иштөөсү үчүн зарыл болгон, маалыматтык-энциклопедиялык билимдердин минимумун камтыган китеп;

– ***Картографиялык материалдар*** (түшүндүрмө тексттери жана иллюстрациялары бар тарыхый карталардын жыйнагы – тарыхый атластар, дубал карталары, контурдук карталар)

тиешелүү тарыхый материалдарды өздөштүрүүгө, картографиялык компетентентүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган.

– ***Окутуунун электрондук каражаттары*** (мультимедиялык презентациялар, электрондук энциклопедиялар жана маалымдамалар, хрестоматиялар, интернет-ресурстар, электрондук окуу китептери, электрондук окуу карталары жана атластары) окутуунун окуп таанып билүү ишмердүүлүгүнүн бардык этаптарында окутуунун салттуу каражаттарын компьютердик колдоо катары маалыматтык компьютердик технологияларды колдонуунун караштырат.

– ***Аудиовизуалдык каражаттар*** (диафильмдер, диапозитивдер, компьютердик программалар, кинофильмдер, видеожазмалар, аудиоматериалдар ж.б.) тарыхты окутуунун көрсөтмөлүүлүгү принцибин жүзөгө ашырууга багытталган.

Мындан тышкары, тарыхый темадагы көркөм сүрөттөрдүн репродукциясын, окуу картиналарын колдонуу зарыл.

### 4.3. Мотивациялоочу (шыктандыруучу) жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү

Мотивация окуу маселелерин чечүү процессинде окуучунун жигердүүлүгүн жана өз алдынчалыгын камсыз кылат. Окуунун мотиви — бул окуучунун окууга болгон субъективдүү мамилеси, анын негизин аң-сезимдүү максат түзөт. Бардык мотивдерди социалдык жана таанып билүүчүлүк деп бөлүүгө болот. Биринчиси адамдар менен өз ара аракеттенүү ыкмаларына багыт алып, оң баа алууга жетишүүгө жана белгилүү бир кесип алууга умтулуу аркылуу тарыхтын баалуулугун аңдап-билүү менен байланышкан. Экинчиси — процессуалдык мотивдер, т. а. окуу процессине кызыгуу өзгөчө роль ойнойт.

Окуу ишмердүүлүгү дайыма көп мотивдүү, анда тышкы жана ички мотивдер айкалышып турат. Ички мотивдерге окуу процессиндеги өзүнүн өнүгүүсү, башкалар менен жана башкалар үчүн аракет жасоо, жаңы, белгисизди таанып билүү кирет. Андан аркы жашоосу үчүн окуунун зарылдыгын түшүнүү, мугалимдерден, өзүнөн улуу инсандардан мактоо угууну, табигый жана пайдалуу көрүнүш катары кароого болот.

Аргасыздан окуу, окууну адаттагыдай көрүнүш катары кабыл алуу, лидерлик жана престиж үчүн окуу, көңүл борборунда болууга умтулуу мындай мотивдердин тышкы белгиси болуп саналат. Тышкы мотивдер ар кандай сыйлыктар жана жол болбой калуудан качуу үчүн окуудан ачык байкалат. Бул мотивдер окуу процессинин мүнөзүнө жана натыйжаларына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

**Окуу ишмердүүлүгүнүн мотивдерин эки топко бөлүүгө болот.**

**I. Окуу ишмердүүлүгүнүн өзүндө түптөлгөн мотивдер:**

1) окуунун мазмуну менен байланышкан мотивдер: окуучуга жаңы фактыларды билүүгө, билимдерге, окуу ишмердүүлүгүнүн ыктарына ээ болууга, көрүнүштөрдүн маңызын түшүнүү үчүн окууга түрткү болот;

2) окуу процесси менен байланышкан мотивдер: окуучу интеллектуалдык активдүүлүгүн көрсөтүүнү, талкуулоого катышууну, маселелерди чечүү процессинде пайда болгон тоскоолдуктарды жеңүүнү каалайт, т.а. баланы алынуучу натыйжа эле эмес, маселени чечүү процессинин өзү да кызыктырат.

**II. Окуу ишмердүүлүгүнөн тышкаркы мотивдер:**

1) кеңири социалдык мотивдер: а) коом, класс, мугалимдер, ата-энелер алдындагы милдеттүүлүк жана жоопкерчилик; б) өзүн аныктоо (келечек үчүн маанисин түшүнүү,

келечектеги ишке даярданууну каалоосу ж.б.) жана өзүн өркүндөтүү (окуунун натыйжасында өнүгүү);

2) тар жеке мотивдер: а) жагууга, жакшы баа алууга умтулуу (ойдогудай болуу мотивациясы); б) теңтуштарынын арасында татыктуу орун ээлеп, биринчи окуучу болууну каалоо (беделдүү мотивация);

3) терс мотивдер: мугалимдер, ата-энелер, классташтар тарабынан болуучу жагымсыз жагдайлардан качууга умтулуу (жагымсыз жагдайлардан качуу мотивациясы).

Окуу ишмердүүлүгүндөгү мотивацияны эки жол менен өнүктүрүүгө мүмкүн.

Биринчиси «төмөндөн жогоруга карай» жол катары белгиленген. Аны жүзөгө ашыруу окуучулардын жагымдуу эмоциялык толгонууларына таянуу менен, алардын каалоолорун жана керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн шарттарды түзүү аркылуу камсыз болот. Мында окуучулардын кызыкчылыктары эсепке алынып: аларга пикирилерин айтууга мүмкүнчүлүк берилип, таанымал болууга, жетишкендиктеринин бааланууусуна, мактоолорго татыктуу болууга умтулуусуна колдоо көрсөтүлөт.

Экинчи жолу — бул «жогорудан төмөнгө карай» жол, окуучунун тандаган багытын эсепке алуу менен, каалоосуна, максат коё билүүсүнө, идеалдарды өздөштүрүүсүнө шарт түзүү. Бул жол ынандыруу, кеңеш берүү, үлгү көрсөтүү методдорун колдонуу менен байланышкан. Анда жамаат, социалдык чөйрө, каада-салттар өзгөчө роль ойнойт.

Адабият жана искусство тарабынан түзүлгөн тарыхый инсандар, образдар аркылуу мектеп окуучулары өзүнүн «мен» дегенин, айланасындагы адамдарды таанып билүүгө, өзүнүн жүрүм-турум сызыгын калыптандырууга, турмуштук тажрыйба алууга умтулат. Ушул жерден өзүнүн жүрүм-турумун салыштырып, окшоштуруу үчүн ага тарбиялык максатта үлгүлөрдү көрсөтүүнүн канчалык маанилүү экендигин байкайбыз.

Окуучунун жашоо-тиричилигинде анын маанилүүлүгүн айкындоо аркылуу тарыхты окуп үйрөнүү боюнча мотивациясын күчөтүү үч багытта жүрүшү мүмкүн.

Биринчи багыт окуучулардын эмгектик, коомдук жана турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү практикалык ишмердүүлүгүнүн кеңейиши, социалдык-саясий маанилүүлүгүн көрсөтүү менен байланышкан. Бул багытты жүзөгө ашыруу мектептин алдына коюлган маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Бул багыттагы иш көбүнчө тарых сабагынан тышкаркы жерлерде жүрөт.

Экинчи багыт азыркы коомдук-саясий турмушту түшүнүү жана ага жигердүү катышуу үчүн тарыхты өздөштүрүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтүү аркылуу жүзөгө ашат. Аны жүзөгө ашыруу үчүн окуучуларга тарых коомдун өнүгүшүнүн ар бир этабындагы социалдык-экономикалык проблемаларды анализдөөгө үйрөтүп, бүгүнкү күндүн өткөнгө, келечектин азыркы күнгө көз карандылыгын айкындайт.

Үчүнчү багыт маанилүү тарыхый фактыларды чечмелөө, инсандын руханий дүйнөсүн көрсөтүү жана жүрүм-турумдарын мотвациялоо аркылуу жүзөгө ашырылат.

Тарых биринчи кезекте, айрым инсандардын тагдырларынын жана ишмердүүлүктөрүнүн чөйрөсү катары көрсөтүлөт. Бул бир эле мезгилде, тарыхый окуяларга түшүнүп гана тим болбостон, эмоциялык аралашууга, терең талдоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Ошол эле мезгилде тарыхый инсандардын иш-аракеттерин көрсөтүү, тарыхый процесстин субъектисининин өнүгүшүн ачып берет жана окуучуларда руханий-адептик позицияны иштеп чыгуу проблемасын чечет. Ушул максатта окуучуларга өздөштүрүлүп жаткан окуяларды жана көрүнүштөрдүн маанилүүлүгүн көрсөтүү, алардын турмуштук тажрыйбасын, социалдык практикасын актуалдаштырууга ырааттуу таянууга тийиш.